КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

М.РЫСКУЛБЕКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН САПАТ МЕНЕДЖМЕНТ СИСТЕМАСЫН УЮШТУРУУ СТАНДАРТЫ
ДОКУМЕНТТЕШТИРҮҮ ЖОЛ-ЖОБОСУ

**БЕКИТЕМИН**
**«___» ____________ 2020__ ж.**
**ОУКтун төрагасы**
**____________________________**

**МАНАСТААНУУ**

**(дисциплиналардын аталышы)**
**ДИСЦИПЛИНАЛАР БОЮНЧА**

**ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКС**

**Багыты, профили:**
*580100-* **“Экономика”,** *580200-* **“Менеджмент”,** *600200* **“Туризм”,** *580500* **“Бизнес уюштуруу”,** *580300* **“Коммерция”**

«___» ___________ 2020__ ж., № 9_____протоколу
Кафедранын жыйынында каралды жана жактырылды

Бишкек -2021

М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин
**Манастаануу: Окуу – усулдук комплекс**: доцент, Мырзадаирова Д.Ш. Кыргыз экономикалык университети, Б., 2021

Окуу – усулдук комплекс “Манастаануу” курсуна системалаштырылган методикалык мамиле жасоону камтыйт. Төмөндөгүдөй бөлүмдөрдөн турат: кириш сөздөн, курстун максаты, таблица түрүндөгү аудиториялык сааттардын программасына кыскача түшүндүрмө, семинардык сабактардын кыскача түшүнүгү, текшерүү иштин суроолору жана колдонулган адабияттардын тизмеси.

МАЗМУНУ


1. Кириш сөз ........................................................................... 4
2. Окуу сабагынын анкетасы ........................................................7
3. Окутуучунун анкетасы ..................................................................8
4. Манастаануу сабагынын максаты .............................................. 10
5. Жумушчу программа ....................................................................12
6. Студенттер ээ боло турган компотенциялар ............................16
7. Курстун саясаты ...........................................................................19
8. Календардык-тематикалык мерчем .....................................21
9. Сабактын көлөмү жана окуу иштеринин түрлөрү .................24
10.Сабактын мазмуну ......................................................................
11.Силлабус .........................................................................
12.Терминдердин сөздүгү (глоссарий) ..................................
13.Семинардык сабактардын иштелмелери ..........................
14.Тесттер ..........................................................................
15.Сынак суроолору
16. Модулдук суроолор.............................................................\
17.Пайдаланылган адабияттар .............................................

# КИРИШ СӨЗ

Кыргыз элинин өзүнүн башынан басып өткөн тарыхый жолунда эчен акылмандарды жаратып, алар ар түрдүү темадагы эң сонун чыгармаларды түзгөндүгүн бизге келип жеткен акыл ой байлыктары ачык көрсөтүп турат. Бирок, ал алтын байлыктар өткөн заманда жазылып калбаган, бизге алардын айрым түрлөрү, үлгүлөрү гана келип жетти. Кыргыз эли түзгөн акыл ой байлыктарын элдин арасынан жыйноо иши Октябрь революциясынан кийин гана активдүү түрдө колго алына баштады. Мына ушул жыйналган элдик казынага көз жүгүртүп караганда, эң кичине көлөмдөгү бир эки ооз табышмактардан жана макал менен ылакаптардан тартып, монументалдуу эпос “Манас” үчилтигине чейин бар экенин көрөбүз.

“Манастаануу” сабагына ылайык түзүлгөн окуу – методикалык комплексте Кыргыз экономикалык университетинин планына ылайык түзүлгөн программага таянуу менен эпоско кыскача баяндама жасалат.

Жыйынтык бөлүмү студенттердин “Манас” эпосу боюнча алган билимдерин текшерүү ирээтинде атайын түзүлгөн суроолор менен жыйынтыкталат. Ал эми келечекте улуу “Манас” эпосу боюнча Кыргыз экономикалык университеттин талабына ылайык окуу методикалык колдонмо жазуу мезгил талабы болору шексиз.

Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А.Акаев 1995 - жылы “Манас” эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоодо, жалпы кыргыз элинин келечек муундарына мурас катары жана демократиялык түзүлүштү өнүктүрүү боюнча эпостун өзөктүү окуяларынын негизинде Манастын жети осуятын сунуштады.

Манас эпосунан алынган 7 осуят жана анын сабактары.

1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.

Манас төрөлгөнгө чейин Кытайдан Алооке кан Ороздунун өлгөнүн угуп, «калың жаткан кыргыздын, кереге-уугун кыйратып, келин, кызын ыйлатып, жайнап жаткан кыргыздын, жаккан отун өчүрүп, элдин шорун кайнатып, бирин Алтайга, бирин Кангайга, бирөөнү Эренге, бирөөнү тереңге» түшүрүп жибериптир. Жакып бир топ кыргыз калкы менен Алтай жергесин байырлап туруп калган. Манас төрөлгөндөн кийин Ала-Тоо тууралуу кеп угат. Ата Журтун ашыгып, көргүсү келген Манас алгач, журт уюткусу болгон Кошой бабага кездешкен. Эми анын максаты ар тарапка чачыранды болуп кеткен кыргыздардын башын бириктирип, «тирүү болсо, бир дөбөдө, өлсө бир чуңкурда» болууга касам ичет. Бардык кыргыздарды ынтымакка, ырыс-кешикке, достукка жана ыймандуулукка чакырган.

2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.

Манастын кырк чоросу анын жөн гана жан жөкөрлөрү эмес, алар эң жакын кеңешчиси, досу, кол башчылары, ар улуттан чогулган мыктылардын мыктысы, алардын достугу, бири-бирине болгон мамилеси абдан жакшы.

“Эки эрдин достугу бир белди ашырат, эки элдин достугу миң белди ашырат” – деген кеп кыргыздарда айтылгандай эпосто достук темасы, анын ичинен ар улуттан чогулган баатырлардын достугу жогору бааланган. Алар биримдикте душмандарды жеңе алышты. Бекеринен Манас “Кулаалы жыйып куш кылдым, курама жыйып журт кылдым” дебеген чыгар.

«Манастагы» Алмамбет менен Манастын достугу жөнүндө да айтууга болот. Маселен, Алмамбет баатыр Кытай мамлекетинин атуулу, ал чыгыштагы феодалдык деспотиянын шарттарында чындыкты, акыйкатты, адилеттүүлүктү издөөнүн ачуу драмасын жана трагедиясын баштан кечирген каарман. «Кайыңды көрсөм конормун, кайышпай кайың көтөрсө, как ошо жерде болормун» - дейт Алмамбет. Чындык, адилеттүүлүк кай жерде болсо, ал ошол жерде. «Башымды жөлөр паана жок, баркымды билер даана жок» - деп арман кылган Алмамбет, акыры издеген идеалын Манастын айкөл дүйнөсүнөн табат. Өз кезегеинде «Издеп тапсам канаке, телегейи тегизди, өзүмө теңтуш эгизди» - деп ичинен тымызын көксөп жүргөн Манас Алмамбеттен өзүнүн руханий эгизин көрүп, «Алыскы ишти ойлогон, акылмандын бири экендигин» таанып, кучагын жайып кабыл алып, «Кызыл найза желегим, кытайдан келген белегим» - деп аны менен ажырагыс дос болот. Манас менен Алманбет көр тириликтин майда-баратынан, бытовизмден, этникалык, улуттук тосмолордон өйдө көтөрүлүп, акыл-ой маданиятынын өтө бийик чокуларына көкөлөп чыккан каармандар. Ошол рух чокусунан бири-бири менен жуурулушкан даанышман баатырлар. Манас менен Алмамбеттин достугу дүйнө элдеринин өз ара диалогу, чындыкка, акыйкатка, алысты ойлогон акылман калыстыкка негизделген эл аралык ынтымагы жана достугу, биримдиги үчүн өзүнчө бир символ.

3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет.

Кыргыз улуту намыстуу калк болгон. Көкөтөйдүн ашында кытай, калмактар Мааникерди тартууга сурашат. Ошондо Кошой баба Манаска кайрылып,

4. Арыбас мээнет, алдынкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.

Эпосто Бакай абанын орду өтө чоң экендиги баяндалат. Бакай арабча жакшы билген, билимдүү, туйбаганды туя билген карыя, жылдызды карап болжогон олуя болгон. Ал эми  Акбалтанын уулу Чубакты алты жашка келгенде Меке шаарына окууга жөнөткөн. Ал жакта алты жыл окуган, илимдүү, билимдүү болгон. Кызыл тилдүү Ажыбай жети тилди билген адам болгон.

Арыбас мээнет аркылуу гана келечекке умтулууга боло тургандыгын белгилеген. Ар бир жаран ар тараптан өнүккөн жаштардан болуусу керек.

Билим, өнөр аркылуу гана келечек кең болот. Ошондуктан «Окуу – түндө алдыңдагы шам чырак, билим алсаң маңдай ачык жаркырап», «Сокур дешет билимсизди, - дебе, Окуу гана жарык чачат дүйнөгө» деп акылмандарыбыз айтпаса керек. Ар бир жаш муун өз Мекенин сүйүүсү керек. Ошону менен катар ата-бабалардын басып өткөн тарыхый жолун да билүүлөрү абзел.

5. Гумандуулук, айкөлдүк, кечиримдүүлүк.

Муктаждыгындан ашыкча мал дүйнөң болсо, аны колунда жокторго берүү. Берешен жана айкөл болуш керек. Адамдар бири-бирине гумандуу мамиле жасаш керек. Манас эпосунда гумандуулук маселеси өтө жогору бааланган. Манастын айкөлдүгүн мындан көрөлү. Эл башчысы катары тонсуз келген чоролоруна «жакасы алтын, жеңи жез, ок өтпөгөн тон кийгизген». «Атсыз келген чорого Аркар аяк, жез билек» ат мингизген эр Манас азган-тозгон элди журт кылган башчы, айкөл, берешен экендиги баяндалат. Ар бир адам адилеттикте, эркиндикте, теңдикте жашоого акылуу экендигин эпостон көрүүгө болот. Жаштарды Мекенин сүйүүгө, аны ар кандай душмандардан коргоого, гумандуулукка тарбиялашыбыз абзел. Кечиримдүүлүк – бул ар бир мусулмандын милдети. Манас бабабыздай кечиримдүү жана айкөл болушубуз керек. Жада калса Бокмурун Манасты ашка чакырбай коюп, кийин чакыртканда, элдин бейкутчулугу үчүн Бокмурунду кечирип ашка 40 чоросу менен аттанган.

6. Табият менен таттуу мамиледе болуу.

Адам баласы дайыма табият менен биргеликте камыр-жумур болуп жашап келген. Азыркы учурда көптөгөн жан-жаныбарлардын, карагай кайыңдардын кыркылып жок болуп кетүүсү, глобалдык проблемага алып келди. Жаныбарлар жок болуу коркунучунда тургандыгын өткөн кылымдын 70-жылдарында эле белгилүү жазуучубуз Чынгыз Айтматов чыгармаларында жаратылышты коргоо керектиги туурасында көйгөйлүү темаларды көтөргөн. Бирок Кыргызстандын жоголуп бара жаткан жаныбарлары киргизилген кызыл китеп 1985-жылы  жарык көрдү. Ага жоголуп бара жаткан жан-жаныбарлар менен өсүмдүктөр кирген.

Эпосто Манас «Бел-Мойноктун белинен ашып, Үч-Каркыра жерине» келип анын «бетеге, тулаңы, чөп, шыбагы» кенен болгон жер экендигин сүрөттөгөн. Ысык-Көлдү көлдү көргөн Манас «Береке экен бел экен, Менде көрчү жер экен, Ортосу көпкөк, көл экен, Суусунда миңдей төр экен, Жердеген адам бай болчу, Көлүндө ырыс бар экен.» -деп көлдүн сулуулугуна суктанган. Ошол маалда Манас бабабыздын көлгө назары түшсө керек. Бекеринен көл жергеси манасчылардын мекени деп саналбаса керек.

7. Кыргыз мамлекетин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

Кыргыз жергесинин кооздугу, жан жаныбарлардын сансыз көп экендигин айтылат. Терекке куштары жумуркалап, темир канат болуп учуп чыгарын, «чымчыктары улардай, чыпыктары чынардай» болгон жерге Манас бабабыз

кыргыз элинин башын бириктирбеди беле. Мына ушундай керемет жерди көздүн карегиндей сактоо ар бир жарандын милдети болуп саналат.

**Окуу сабагынын анкетасы**

| **Окуу сабагынын сыр белгиси** | **5.11.** |
|---|---|
| **Окуу сабагынын аталышы** | **МАНАС ТААНУУ** |
| Окуу сабагынын ECTS кредиттик көлөмү | **2** |
| Окуу жылы жана семестри | **1-2-семестр** |
| Окуу сабагынын максаты | МАНАС ТААНУУ курсу жалпы орто мектептер жана жогорку окуу жайларда окутуунун максаты |
| Окуу сабагынын пререквизиттери | Студенттердин мектеп программасынан алган билимдери андан ары өнүктүрүү |
| Окуу сабагынын постреквезиттери | Манас эпосун терендетип изилдөө, эпостун сюжети менен кененирээк таанышуу |
| Окуу сабагын окутуунун жыйынтыгы | Билим берүүчүлүк максаты – Манастаануу сабагын үйрөнүү, окуу.<br>Тарбия берүүчүлүк максаты – мекенин сүйүүгө, аны көздүн карегиндей сактоого, улууларды урматтоого тарбиялоо.<br>Өркүндөтүүчүлүк максаты – мектеп программасынан алган билимин андан ары өркүндөтүү |
| Баалоо методдору | 1. Диагноздоочу билимин баалоо – студенттердин билим денгээлин текшерүү үчүн баарлашуу, кеп байлыгына байкоо жүргүзүү<br>2. Формативдик баалоо – мында студенттеридин окуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу байкоо жүргүзүү. Мында 1 семестр ичинде жазуу жумуштары менен оозеки кеп байлыгына байкоо жүргүзүү ишмердиги.<br>3. Жыйынтыктоочу баалоо – бир семестр ичинде бөлүмдү аяктагандан кийинки билимдерин, билгичтиктерин |

| | |
|---|---|
| | жана көндүмдөрүн аныктоо. Жыйынтыктоочу баалоону сынак, тест, текшерүү иши, дилбаян, эссе, оозеки презентация, баяндама түрүндө алууга болот. |
| Колдонулган адабияттардын саны (2-3 адабияттын аталышын көрсөтүү менен | 1. С.Байгазиев «Манастаануу» 2000-ж<br>2. «Манас», «Семетей», «Сейтек» томдуктар.<br>3. Манас таануу боюнча курстук лекциялар. Ж.К.Орозобекова |
| Техникалык окуу каражаттарын колдонуу | Слайд, видео сабактар**,** |
| Изилдөөчүлүк/лабораториялык иштер | |
| Окутуучунун аты-жөнү | Доцент Д.Ш.Мырзадаирова |

**Окутуучунун анкетасы**

| | |
|---|---|
| Окутуучунун аты-жөнү | Мырзадаирова Динара Шадыбековна |
| Окуу сабагынын аталышы | Манастаануу |
| Электрондук дареги | Myrzadairova73@mail.ru |
| Кызматы | доцент |
| Негизги билими | Педагогика, Кыргыз тили жана адабияты окутуучусу |
| Башка мекемелердеги иш тажрыйбасы | Кыргыз-Түрк Анадолу лицейинде мугалим, Кыргыз билим берүү академиясынын ага илимий кызматкери |
| Предметтик же чектеш тармактардагы иш тажрыйбасы | Жалпы иш тажрыцбасы – 32,<br>Педагогикалык иш тажрыйбасы – 22 жыл |
| Предметтик же чектеш тармактардагы илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүгү | Ч.Айтматовдун “Ак кеме” чыгармасы 0.3. басма табак КР Улуттук илимдер академиясы 2017-ж 12-13-декабрь<br>“Улуу Жибек жолу” 0.3 Махмуд Кашкар атындагы Чыгыш университети. 30-июнь 2017-жыл<br>Манас бабабыздын осуяттарын утурлай 0.3 бас. таб И.Арабаев атындагы КМУнун ЖАРЧЫСЫ 2017-ж<br>Чынгыз Айтматовдун “Ак кеме” повестиндеги баланын образы 0.3 бас. таб.<br>Махмуд Кашкар атындагы Чыгыш университети №4 (25) 2017-жыл.<br>0.3 бас.<br>таб “Вселенная Айтматова” международная научно-практическая конференция. 19 декабря 2017 -ж №3<br>Ч.Айтматовдун чыгармасындагы таалим-тарбия 0.3 бас. таб. И.Арабаев атындагы КМУнун ЖАРЧЫСЫ 2018-ж. Атайын чыгарылыш 2- бөлүк.<br>Улуу Жибек жолу – көчмөн кыргыз элинин жолу 0.3. бас. таб ВЕСТНИК КЫРГЫЗСТАНА Международный научно-практический журнал 2018-ж №1<br>Кыргыз тилин окутууда жазуу жумушунун таасири. 0.3. бас. таб ИСИТО КАБАРЛАРЫ Илимий-методикалык журнал |

| | |
|---|---|
| | №1 (19) 2019-жыл<br>“Баяндама жазууга үйрөтүү” методикалык колдонмо.<br>7.5 бас. таб КР билим жана илим министрлигинин грифи (№1245/1 2019жыл 23-октябрь буйругу) менен жарык көрдү.<br>2020-ж |
| Сыйлык-наамдары, сертификаттары | КР Билим берүүнүн мыктысы |
| Иштин башка түрлөрү | |
| | |

**Манастаануу сабагынын максаты**

“Манастаануу” – кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктын туу чокусу болгон. “Манас” эпосун илимий негизде изилдөөнүн жана аны окуп үйрөнүүнүн бир салаасы. “Манас” кыргыз эл оозеки мурастарынын ичинен жергебизге алгачкы кадам жасаган саякатчылардын, окумуштуулардын, түркологдордун назарларын өзүнө бурган көркөм чыгарма. Кыргыз фольклористикасынын эң алгачкы эмгектери да ушул “Манас” эпосу жөнүндө жаралган. Эпосту илимий – аңдап билүү XIX кылымдын экинчи жарымында Ч.Ч.Валиханов, В.В.Радловдор алгачкы карлыгачтар болгону менен илим катары XX кылымдын 30 – жылдарында М.Ауэзов тарабынан калыптана баштаган.

Манастаануу – бүгүнкү күндө, негизинен үч багытта өнүгүүдө: жыйноо, бастырып чыгаруу, аны ар тараптан илимий изилдөө. 1940 – жылдарда эпосту изилдөөгө К.Рахматуллин, А.Н. Бернштам, Б.Юнусалиев, С.М. Абрамзон, В.М. Жирмунский, М.И.Богданова, Ө. Жакишев, Ы. Абдрахманов ж.б. бир кыйла салым кошушкан. Ал эми 1952 – жылы эпосту изилдөө боюнча маанилүү иштер колго алына баштаган. Бүгүнкү күндө Р.З. Кыдырбаева, С. Мусаев, Э. Абдылдаев, Р. Сарынбеков, К.Кырбашев, М.Мамыров, А.Жайнакова, С.Бегалиев, А.Акматалиев, К.Жумалиев өңдүү окумуштуулар эпосту изилдөөнү андан ары улантып келе жатышат. “Манас таануу” бүгүнкү күндө өз алдынча илимий тармак катары калыптанды. Ошондуктан, Манас таанууну өз алдынча сабак катары окуп үйрөнүү илимий талапка шайкеш келет. 1990 – жылы алгач И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде “Манас таануу” сабагы окутула баштаган. Жогорку билимге эгедер адистер, сөзсүз түрдө, кыргыздын коомдук аң – сезимин, турмуштук тажрыйбасын, тарыхын чагылдырган “Манас” жөнүндөгү илимден терең түшүнүгү болушу керек.

Кыргыз экономикалык университетинде “Манастаануу” сабагын үйрөнүү объектиси – көркөм сөз өнөрүнүн туу чокусу, кыргыз элинин энциклопедиялык жыйнагы, дүйнөлүк көчмөн цивилизациясынын кенчи, эпостун историзми, чагылдырылган доорлору, андагы катышкан жүздөгөн көркөм образдар дүйнөсү, дүйнө элдеринин эпикалык чыгармалары менен тарыхый – генетикалык, тарыхый – типологиялык байланыштары жана поэтикасы тууралуу жалпы маалымат берүү.

Улуу эпосто ата – бабаларыбыз кылымдар бою коомдук адеп – ахлак идеялары бийик гуманисттик, рухий асыл – нарктары, тарыхы, үрп – адаты, каада – салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүгү жана эл аралык мамилеси, ошондой келечекке карата умтулуулары чагылдырылган.

*“Манастаануу” сабагын окутуунун максаты*- студенттердин киндик каны тамган Ата журттун кашык каны калганча коргоого даяр, эл жерин жан дили менен сүйгөн, башка улуттарды урматтап сыйлаган, өз улутунун прогрессивдүү салт – санаасын, рухий, адеп – ахлак кенчтерин боюна сиңирген, жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү өздөштүргөн, демократиялык аң сезимди алып жүргөн, улууну урматтап, кичүүнү ызаттаган ыймандуу, адамкерчиликтүү инсандарды калыптандырууга иштиктүү түрдө көмөктөшүү.

*Сабактардын негизги түрү* – лекция жана семинардык сабактар. Мындан тышкары студенттер менен аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү, реферат же илимий макала жазууга багыт берүү жана окутуунун техникалык каражаттарын (ТСО) колдонуу.

“Манастаануу” боюнча өтүлүүчү лекция, семинардык сабактарда достукка, элди – жерди коргоого байланышкан макал – лакаптарга көп көңүл бурулат. Ошондой эле, кесипке байланыштуу макал – лакаптар тууралуу да кеңири сөз кылынат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

М.РЫСКУЛБЕКОВ атындагы КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

Мамлекеттик жана расмий тилдер кафедрасы

**ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА**
«Манас таануу» окуу сабагы боюнча

**Багыты, профили:** *580100* - **"Экономика",** *580200* - **"Менеджмент",**
*580500* - *"***Бизнес уюштуруу", 600200 -"Туризм",**
*580300* **– "Коммерция**

адистиги үчүн
(адистиктин сырбелгиси, аталышы)
окутуу түрү _күндүзгү
(күндүзгү, аралык)

Бардыгы 2 кредит
Курсу 1-2-
Семестри 1-2-3-4-
Аралык көзөмөлдөрдүн (АК) саны ___
СӨАИ _____ саат,
Сынак _____ семестрде
Бардык дарстык сааттар _____
Бардык дарстан тышкаркы сааттар ____
Окуу сабагынын жалпы көлөмү _______ саат

Бишкек-2021

Жумушчу программа Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Манас таануу сабагын окутуу талаптарына жана стандартка негизделип түзүлгөн

___________________________________________________________________

/документ ким тарабынан жана качан берилген/

Жумушчу программаны иштеп чыкккан
П.и.к., доцент Мырзадаирова Динара Шадыбековна
/Аты-жөнү, кызмат орду, наамы/
Мамлекеттик жана расмий тилдер кафедрасы
________________

/колу/

_______________________________________________________

_Мамлекеттик жана расмий тилдер кафедрасынын отурумунда талкууланган жана сунушталган «____»______________20__ -ж. №____ - протокол
Кафедра башчысы ____________________ Н.Ж.Жапаралиева

| **Окуу ишинин түрлөрү** | **Сааттардын саны** | **Семестрлер** | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуу сабагынын жалпы эмгек көлөмү | | | | | |
| | | | | | |
| Дарстык сабактар | | | | | |
| Дарстар | | | | | |
| Лабораториялык-практикалык сабактар | | | | | |
| Практикалык (семинардык) сабактар | | | | | |
| Студенттердин өз алдынча иштери | | | | | |
| Курстук иш (долбоор | | | | | |
| Реферат (эсептөө-чийүү иштери) | | | | | |
| Текшерүү иштери | | | | | |
| Окуу тажрыйбасы | | | | | |
| Жыйынтык көзөмөл түрү (чегерим, сынак) | | | | | |

## ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

| **№** | **Сабактын темасы** | | **Окутуучунун жетекчилигиндеги жана өз алдынча студ-дин иштөөсү (СРС)** | **Көрсөтмө куралдар** | **Студенттер ээ болуучу компетенциялар** | **Адабияттар** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | «Манас» - кыргыз элинин туу чокусу | 2 | Курс боюнча керектүү дептерди баштоо. «Манас» эпосу боюнча талкуу | «Манас» аттуу видео тасма | Кыргыз мамлекетин чындоого аны көздүн карегиндей сактоого тарбиялоо | 1,2, 4,6 |
| 2 | «Манас» изилдөөчүлөр | 2 | Изилдөөчүлөрдүн өмүрү, чыгармачылыг менен таанышуу | Буклеттер, слайттар. | Мекенин сүйүүгө, аны кадырлоого үгүттөө. | 20, 21 |
| 3 | «Манас» эпосунун варианттары | 2 | Варианттар менен таанышуу, өз ара ой бөлүшүү | Манас, Семетей, Сейтек китептери, | Туулуп өскөн жер, кыргыз калкы, көп улуттуулук тууралуу | 23,24 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | буклеттер | маалымат алуусу | |
| 4 | Манасчылар – Манасты улантуучулар. | 2 | Манасчылардын өмүрү чыгармачылыгы менен таанышуу | Манасчы тууралуу көркөм тасма, слайттар | Манасчылык өнөр, анын пайда болуусу жөнүндө билүүлөрү | 5,8 |
| 5 | «Манас» эпосунун өзөктүү окуялары. Манастын төрөлүшү. | 2 | Көркөм дастандын негизги, турукту окуялары менен таанышуу | Китептер, жыйнактар, сүрөттөр | Көркөм дастан туралуу маалымат, топтоосу | 13,14 |
| 6 | Манастын Ала-Тоого кайтышы. Үйлөнүшү. | 2 | Мекенин сүйүүгө, аны кадырлоого үйрөнүүсү | Сагынбай жана Саякбайдын томдуктары | Мекен деген эмне? Анын кадырына кантип жетүү керек? | 14,18 |
| 7 | Көкчөкөз жана Көзкамандар окуясы | 2 | «Өздөн чыкан жат жаман, өзөктөн чыккан жат жаман» душман деген эмне? | Буклеттер, видеолор | Душманды алыстан издебе деген макалды түшүнө билүүлөрү | 13,18 |
| 8 | Көкөтөйдүн ашы. Чоң казат. | | Мекен үчүн болгон күрөш | Чыгарма, сүрөт | Ата керээзин аткаруу, кыргыз элинин салтаары менен таанышуу | 13,14,18 |
| 9 | «Манас» эпосундагы каада-салт, үрп-адат. | 2 | Салт-санаа тууралуу маалымат топтоо | Видеолор, сүрөттөр | Үрп-адат менен каада салттын айырмачылыгын түшүнүүлөрү | 8, 2 |
| 10 | «Манас» - 1000 жыл. | 2 | Дүйнө элине таанытуу | Сүрөттөр, видеолор, | «Манас» 1000ден алган сабактар, кандай таасир берди? Аны анализдей алууга жетишүү | 12,16 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 11 | «Манас» эпосу – кинодо. | 2 | Манастын экинчи өмүрү тууралуу маалымат топтоо | Кино тасма, докладдар | Кино менен чыгарманы салыштырып айтып бере алуусу | 16 |
| 12 | «Манас» эпосу – сүрөттө жана скульптурада чагылдырылышы. | 2 | Борбордогу Манас атанын скульптуралары менен таанышуу | буклеттер | Скульптура жана сүрөтчүлөр тууралуу кенен маалымат алуулары | 19, |
| 13 | «Манас» дастаны – музыкада. | 2 | Белгилүү композиторлордун өмүрү чыгармачылыгы менен таанышуу | Обондор, ыргактар | Музыка менен адамдын ортосундагы байланышты түшүнө билүүлөрү. Эпостогу ыргак менен тааныш болуулары. | 10,11 |
| 14 | Адабий чыгармаларда эпостун чагылдырылышы | 2 | Көркөм адабияттагы Манастын орду. | «Манас», «Семетей», «Сейтек» дастандары | Эпостун сюжети менен тааныш болуулары | 10,11,18 |
| 15 | "Манастагы" медицина | 2 | Манас дастанында медицинанын чагылдырылышы | слайттар | Элдик медицина менен таанышуусу | 10,18 |

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КЫРГЫЗСКИЙ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. М.Рыскулбекова

*Окуу сабагынын аталышы жана сырбелгиси*:

*Дисциплинанын коду жана аталышы*: 5.11 **МАНАС ТААНУУ**

| | |
|---|---|
| **Лектор** | **п.и.к.,доц. Д.Ш.Мырзадаирова** |
| **Контактык маалымат:** | 0705179793 |
| **Кредиттин сааты:** | 2 |
| **Датасы:** | **15.09. 2021 – 28.12.2021** |
| **Курстун максаты жана милдети** | МАНАСТААНУУ курсу жалпы орто мектептер жана жогорку окуу жайларда окутуунун максаты |
| **Курс жөнүндө маалымат** | МАНАСТААНУУ курсу мектеп программасынан баштап, жогорку окуу жайларына чейин, билим берүү министрлиги тарабынан түзүлгөн стандарттын негизинде окуу иштери жүргүзүлөт. |
| **Сабакка чейинки реквизиттер** | Студенттердин мектеп программасынан алган билимдери андан ары өнүктүрүү |
| **Сабактан кийинки реквизиттер** | Манас эпосун терендетип изилдөө, эпостун сюжети менен кененирээк таанышуу. |
| **Компетенциялар** | билүү: эпостогу негизги окуяларды айтып бере алуу жөндөмдүүлүгү.<br>өздөштүрүү: Манас айтууга жетишүүсү,<br>колдоно билүү: Ар кандай кесиптин инсандары жогорку деңгээлдүү, ар тараптан өнүккөн болуусу керек. Манас эпосун туу тутуп, анын жети осуятын турмушунда пайдалана билүүсү. |
| **Курстун саясаты** | Кыргыз элинин тарыхы, маданияты, үрп-адаты жөнүндө маалымат алуу. |
| **Окутуу методдору:** | Билим берүүчүлүк максаты – Манастаануу сабагын үйрөнүү, окуу.<br>Тарбия берүүчүлүк максаты – мекенин сүйүүгө, аны көздүн карегиндей сактоого, улууларды урматтоого тарбиялоо.<br>Өркүндөтүүчүлүк максаты – мектеп программасынан алган билимин андан ары өркүндөтүү |
| **Билимин текшерүү формасы** | 1. Диагноздоочу билимин баалоо – студенттердин билим денгээлин текшерүү үчүн баарлашуу, кеп байлыгына байкоо жүргүзүү<br>2. Формативдик баалоо – мында студенттеридин окуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу байкоо жүргүзүү. Мында 1 семестр ичинде жазуу жумуштары менен оозеки кеп байлыгына байкоо жүргүзүү ишмердиги.<br>3. Жыйынтыктоочу баалоо – бир семестр ичинде бөлүмду аяктагандан кийинки билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн аныктоо. Жыйынтыктоочу баалоону сынак, тест, текшерүү иши, дилбаян, эссе, оозеки презентация, баяндама түрүндө алууга болот. |
| **Адабияттар:**<br>**Негизги**<br>**Кошумча** | С.Байгазиев «Манастаануу» 2000-ж |
| **СӨИ** | |

| **Эскертүү** | |
|---|---|

| **Окуу ишинин түрлөрү** | **Сааттардын саны** | **Семестрлер** | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуу сабагынын жалпы эмгек көлөмү | **60** | | | | |
| | | | | | |
| Дарстык сабактар | 30 | | | | |
| Дарстар | | | | | |
| Лабораториялык-практикалык сабактар | | | | | |
| Практикалык (семинардык) сабактар | | | | | |
| Студенттердин өз алдынча иштери | 30 | | | | |
| Курстук иш (долбоор | | | | | |
| Реферат (эсептөө-чийүү иштери) | | | | | |
| Текшерүү иштери | | | | | |
| Окуу тажрыйбасы | | | | | |
| Жыйынтык көзөмөл түрү (чегерим, сынак) | | | | | |

Курстун саясаты

Ар бир кыргыз жараны Манас дастанынын чыгыш тарыхы, басып өткөн жолун билиши абзел. Кыргыз элинин өзүнүн башынан басып өткөн тарыхый жолунда эчен акылмандарды жаратып, алар ар түрдүү темадагы эң сонун чыгармаларды түзгөндүгүн бизге келип жеткен акыл ой байлыктары ачык көрсөтүп турат. Бирок, ал алтын байлыктар өткөн заманда жазылып калбаган, бизге алардын айрым түрлөрү, үлгүлөрү гана келип жетти. Кыргыз эли түзгөн акыл ой байлыктарын элдин арасынан жыйноо иши Октябрь революциясынан кийин гана активдүү түрдө колго алына баштады. Мына ушул жыйналган элдик казынага көз жүгүртүп караганда, эң кичине көлөмдөгү бир эки ооз табышмактардан жана макал менен ылакаптардан тартып, монументалдуу эпос “Манас” үчилтигине чейин бар экенин көрөбүз.

Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А.Акаев 1995-жылы “Манас” эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоодо, жалпы кыргыз элинин келечек муундарына мурас катары жана демократиялык түзүлүштү өнүктүрүү боюнча эпостун өзөктүү окуяларынын негизинде Манастын жети осуятын сунуштады.

**Манастын жети осуяты**

1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.
2. Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.
3. Улуттук ар намыс жана атуулдук ариет.
4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.
5. Гумандуулук, айкөлдүк, сабырдуулук.
6. Табият менен таттуу мамиледе болуу.
7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

Көрүнүп тургандай, ар бир осуятта камтылган идеялар жана максаттар арбын.

Ошондуктан “Манас” эпосунун үчилтигин окуу, изилдөө, калктын калың катмарына жайылтуу мезгил талабы.

## Манастаануу сабагынын максаты

“Манастаануу” – кыргыз фольклористикасынын туу чокусу болгон “Манас” эпосун илимий негизде изилдөөнүн жана аны окуп үйрөнүүнүн бир салаасы. “Манас” кыргыз эл оозеки мурастарынын ичинен жергебизге алгачкы кадам жасаган саякатчылардын, окумуштуулардын, түркологдордун назарларын өзүнө бурган көркөм чыгарма. Кыргыз фольклористикасынын эң алгачкы эмгектери да ушул “Манас” эпосу жөнүндө жаралган. Эпосту илимий-аңдап билүү XIX кылымдын экинчи жарымында Ч.Ч.Валиханов, В.В.Радловдор алгачкы карлыгачтар болгону менен илим катары XX кылымдын 30-жылдарында М.Ауэзов тарабынан калыптана баштаган.

Азыркы убакытка чейин деңиздей чалкыган Манас дастана изилденип бүтө элек.

*Талаптар:*

- Сабакка кечикпей келүү;
- Сабакта чөнтөк телефонун өчүрүү;
- Үй тапшырмаларын убагында аткаруу;
- Калтырган күндөрүн белгиленген күнү тапшыруу;
- Модулду убагында тапшыруу;
- Сабак учурунда суранбоо.

*Сабак өтүү методдору;*

- Иш кагаздарын жүргүзүүгө көнүктүрүү;
- Кесиптик лексиканы окутуу;
- Ролдоштуруп окутуу;
- интерактивдүү методдор менен окутуу

Бардыгы 100 саат аягында экзамен берилет. Мугалим тарабынан аларга тапшырмалар берилет ошол тапшырмалардын, модулдардын негизинде экзаменге кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Студенттердин билимин баалоо:

Жыйынтык баа семестрдин аягында коюлат Ага чейин студенттин сабакка болгон катышуусу, тапшырмаларды аткаруусу, коомдук иштерге болгон мамилеси эске алынып, модуль, реферат, дилбаян, баяндама сыяктуу жазуу жумуштары да эске алынат.

**Календардык тематикалык пландын саатын жумага бөлүштүрүү жана темасын көрсөтүү**

| **№** | **Дата** | **Тема** | **Саа-ты** | **Адабият-тар** | **Модуль үчүн суроолор** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 15.09 – 24.09 | «Манас» - кыргыз элинин туу чокусу | 4 | С.Байгазиев Манастаануу, Б.Каримова Манастаануу | Манас эпосу тууралуу айтылган белгилүү инсандардын ойлору. |
| 2 | 27.09.- 08.10. | «Манас» изилдөөчүлөр | 4 | Б.Каримова Манастаануу | Алгачкы изилдөөчүлөр кимдер болгон? |
| 3 | 11.10- 22.10. | «Манас» эпосунун варианттары | 4 | Манас I китеп / С.Орозбаковдун варианты. | Вариативдүүлүк деген эмне? |
| 4 | 25.10 – 05.11 | Манасчылар – Манасты улантуучулар. | **4** | | Алгачкы манасчылар жана акыркы манасчылар |
| 5 | 08.11. – 03.12 | «Манас» эпосунун өзөктүү окуялары. | **8** | С. Орозбаковдун варианты. Манас IV | 1. Манастын төрөлүшү жана алгачкы эрдиктери.<br>2.Манастын Ала-Тоого кайтышы<br>3. Манастын үйлөнүшү |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | китеп./ | |
| 6 | 06.120 – 17.12 | «Манас» эпосундагы каада-салт, үрп-адат. | **4** | Кыргыз элинин уюткулуу сырлары – Б., Кут бер | Эпостогу салт-санаанын чагылдырылышы |
| 7 | 20.12-27.12. | «Манас» эпосу – кинодо, театрда, сүрөттө жана скульптурада чагылдырылышы. | **2** | «Манас» энциклопедиясы. I-II том. | Эпостун театрда, кинодо чагылдырылышы. Манастын Бишкек шаарындагы скульптуралары |
| | Бардыгы | | **30** | | |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

| № | Жума Ай | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Жалпы баллы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сентябрь | | | | октябрь | | | | | | ноябрь | | | | | | |
| 1 | Текшерүү иши | 15 | | | | 15 | | | | | | 10 | | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИни тапшыруу мөөнөтү. | 15.09.-30.09. 2021-ж. | | | | 6.10. – 30.10. 2021-ж. | | | | | | 1.11. – 30.11. 2021-ж. | | | | | | |

## «Манастаануу» сабагынан глоссарий

**Манастаануу** – «Манас» эпосун изилдөө – кыргыз адабият таануу илиминин , Манас эпосун жыйноону, изилдөөнү, бастырып чыгарууну ишке ашыруучу тармагы.

**Трилогия** – үчилтик мазмуну бирдиктүү, каармандары биринен экинчисине уланып кеткен чоң-чоң үч бөлүктөн турган адабий чыгарма.

**Дастан** – Орто чыгыш жана Түштүк Чыгыш Азиядагы элдердин оозеки, жазма адабиятына кенири тараган эпикалык жанр.

**Жомок –** оозеки адабиятта кенири тараган, көбүнчө ойдон чыгарылган, окуяларды апыртмалуу, фантазиялуу чагылдырылган сюжети кызыктуу, баяндоо түрүндөгү чыгарма.

**Уламыш** – улама аныз, оозеки адабиятта кенири тараган жанр. Бир топ белгилери жагынан легендага өтө жакын.

**Манасчы** – кыргыз элинин гениалдуу көркөм мурасын айтуучу, аткаруучу таланттуу адам.

**Миф** – байыркы адамдардын жашоо-тиричилиги тууралуу ой жүгүртүүлөрүнөн улам пайда болгон, жаратылыш көрүнүштөрүнүн сырлары, кудайлар жана ойлоп чыгарылган ар кандай укмуштуу кучтор жөнүндөгү чыгарма.

**Идея** – чыгарманын идеясы – көркөм чыгармада берейин деген ой максат, ал образдар системасынын бирдигине берилет.

**Кульминация** – көркөм чыгармадагы окуянын өнүгүп жеткен чеги. Сюжеттүү чыгармада түйүндөшкөн, чиеленишкен окуя эн өнүккөн бийиктикке жетет да, андан ары каармандардын тагдыры чечилет.

**Образ –** кейипкер, башкы жана негизги каарман, мүнөз, тип.

**Окуянын өнүгүшү** – алгачкы конфликт өнүккөндөн кийин окуянын, каармандын иш аракеттеринин андан аркы өнүгүшү.

**Сюжет –** адабий чыгармадагы мүнөздөрдүн өсүшү жана өз маанилерин ачып берүүчү конкреттүү окуялардын системасы.

**Фольклор** – элдик оозеки чыгармачылык. Жалпы эле көркөм адабият фольклордон жана жазма адабияттан турат.

**Эпос** – көркөм адабияттагы 3 түрдүн бири. Фольклордогу эпикалык түргө кирүүчү ыр формасындагы көлөмдүү чыгарма. Эпостордо элдин тарыхый турмушу, маданий-социалдык абалы, карым-катнашы, үрп-адаты, келечектен күт\көн тилеги кенири чагылдырылган.

№ 1 “МАНАС” – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТУУ ЧОКУСУ

"Манас" эпосу – кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолун чагылдырган эпикалык чыгарма. Кыргыз элинин дүйнөлүк маданият казынасына кошкон эң зор салымы. Эпостун баш каарманы – Манас баатыр – "тарыхый киши болгонбу, болсо ал качан жашап өткөн,кандай иштерди кылган", - сыяктуу суроолор жаралат алгачкы сабакта.

Көчмөндүү кыргыз элинин басып өткөн тарыхында көзгө көрүнө турган дүйнөлүк маданияттын өзүнүн зор салымын кошкон. Албетте, бул “Манас” эпосу. Жанрдык белгилери боюнча “Манас” – баатырдык эпос. Көп кылымдар бою кыргыздардын эл катары, улут катары атын сактап, тукум улап, биримдигин жоготпоо үчүн жүргүзүп келген тынымсыз жана оор кармашын баяндоого арналган бул чыгармадагы башкы тема – элдин эркиндиги, көз карансыздыгы үчүн күрөш, сырттан басып кирген душмандарга жана ички туугандар ичиндеги бийлик, байлык талашууга каршы салгылаштарда көрсөтүлгөн эрдиктерди даңазалоо, ынтымакка, биримдикке чакыруу.

Ошондой эле, эпосто нукура элдин каада-салт, үрп-адат, нарктар, тубаса адамгерчилик касиеттери, эл – жерди сүйүү, эл үчүн кам көрүү сезимдери топтолгон. Ушуларды эске алып өткөн кылымдын орто ченинде казактын чыгаан илимпозу Чокан Валиханов “Манас” эпосун талаалык калктардын (көчмөндөрдүн) “Иллиадасы” катары баалап, төмөндөгүдөй мүнөздөмө берген.

“Бул чоң эпопеяда кыргыздын турмушу, каадалары-адаттары, географиясы, диний, медициналык түшүнүктөрү жана эл аралык мамилелери көрүнгөн”.

Ал эми академик В.В. Радлов аны, “... элдин бардык турмушун жана бардык умтулууларынын чагылышы” – деп баса белгилеген.

Дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларынын ( *“Иллиада”, Одиссея”, “Каллевала”, “Али Манаш”*) эч бири көлөмү, көркөмдүк касиети бай мазмуну жагынан “Манас” эпосуна тең келе албайт. Алсак анын манасчы Саякбай Каралаевден жазылып алынган вариантынын көлөмү эле 500553 сап ыр. Ал эми байыркы гректердин ааламга атагы чыккан чыгармалары “Иллиада” ( 15693 сап ыр) менен “Одиссея” (12110 сап ыр) экөө биригип болгону 27803 сап ыр. Аталган вариант алардан 20 эсе көптүк кылат. Атүгүл бул вариант элдик оозеки чыгармачылык жөнүндөгү дүйнөлүк илимде эң көлөмдүү чыгарма катары эсептелген индустардын эпосу “Махабхараттан” ( 200 миң сап ыр) 2,5 эсе, фарсы тилиндеги “Шахвамэден” 5 эсе чоң.

“Манас” эпосу негизинен үч бөлүктөн турат. Эпос андагы башкы каарман, кыргыз элинин легендарлуу баатыры Манастын ысымы менен аталып калган. Эр Манастын эрдиктери менен элге кылган эмгеги үчилтиктин биринчи бөлүгүндө баяндалат. Ал эми экинчи бөлүм – “Семетей”, Манастын уулу Семетейдин ички душман *(Абыке, Көбөш)* менен согушу, туулган жерди калыбына келтирүү окуялары баяндалат. Үчүнчү бөлүм, Семетейдин уулу Сейтектин эрдиктери жөнүндө.

Эпостун негизги үчүнчү бөлүмү болгон “Сейтек” эпосу 1927-28-жылдары Жакшылык Сарык уулунан 27 миң сап ыр жазылып алынган. 13 варианты бар. Жазуу иши боюнча Совет доорунда көп иш жазылды. 20 – жылдары Сагымбай Орозбак уулунан “Манас” бөлүмү толугу менен, 30-40-жылдары Саякбай Каралаевден үчилтик толук түрүндө жазылып алынган.

## № 2 МАНАС ЭПОСУН ИЗИЛДЕГЕН ОКУМУШТУУЛАР

Манас баатыр жөнүндөгү алгачкы жазма Сейфаддин Аксыкент менен анын уулу Нооруз-Мухаммедге таандык. Алар XVII кылымдын башталышында «Мажму ат –таварих» деген китебин жазышкан. Анда Манас баатырдын калмак баскынчылары менен болгон согушу сүрөттөлөт. Анда эпостун айрым эпизоддору, Манастын жоого каршы жортуулдары жөнүндө чакан баяндар тиркелет

Дүйнө жүзүндө фольклорсуз эл болбойт. Ар бир элдин оозеки чыгармалары ошол элдин басып өткөн тарыхый жолу менен шартталган. Эл турмушун чагылдырууда калктын жакшы-жаман жөнүндөгү туюмдарын таасирдүү элестердин жардамы аркылуу берүүдө фольклордун өтөгөн кызматы ролу чоң. Ошол үчүн кандай гана эл болбосун өз ата мурасы катары фольклорду жогору баалайт. Күндөлүк турмушунда айрыкча жаштарга тарбия берүүдө кеңири колдонулат.
Ал эми эпосту кагаз бетине түшүргөн жана оозеки чыгармачылыктын бермети, мыкты үлгүсү катары жогору баалаган илимпоз Ч.Валиханов болгон.

Ч.Валиханов 1856 – жылы Кыргызстанга келип Ысык- Көлдөгү текес уруусунан “Манас” эпосунун “Көкөтөйдүн ашы” үзүндүсүн жазып алып орус тилине которгон. Бул үзүндү 47 барактан, 3319 сап ырдан турат. Орус тилиндеги котормо 1904 – жылы жарык көргөн.

Мындан кийинки эпостун кагаз бетине түшүрүлүшү немис окумуштуусу В.В.Радловго таандык. Ал 1862 – жылы Текесте, 1869 – жылы Ысык – Көлдүн батыш тарабында жана Чүй өрөөнүндө болуп, фольклордук материалдарды чогулткан. Анын ичинде “Манас” эпосунун үзүндүлөрү да болгон. Бул материалдар “Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү” аттуу эмгегинин 5 томунда транскрипцияланган орус алфавитинин жардамы менен кыргыз тилинде Санкт – Петербургда 1885 – жылы басылып чыккан. Бул томдун котормосу немис тилинде 1885 – жылы Лейицигде жарык көргөн. Радловдун жыйнаган эмгектеринде эпостун үч бөлүмдүн (Манас, Семетей, Сейтек) тең негизги окуялары болгон.

1898 – жылы Казанда Тыныбектин варианты боюнча “Семетейден” үзүндү кыргыз тилинде араб ариби менен алгачкы ирет басылган. Бул үзүндү 1925 – жылы Москвадан жарык көргөн. Негизинен 25 варианты бар.
20-жылдын баш чендеринен тартып эле калк арасынан оозеки көркөм чыгармалардын үлгүлөрүн жазып алуу – кагаз бетине түшүрүлүп жыйноо

иштери башталды. Алардын ичинен элге кеңири манасчылардан жазылып, алынган «Манас» эпосунун үч бөлүмүнүн көптөгөн варианттары да бар.

Эпостун толук түрүндө калыптануусу узук убакытка созулган. Анын башаты тууралуу окумуштуулардын ар түркүн ойлору бар. Мисалы, М.О. Ауэзов менен А.Н.Бернштам дастан VI-IX кылымдарда калыптана баштаган деп эсептешкен. Б.М.Юнусалиевдин ою боюнча ал X-XI кылымдарда калыптана баштайт. Ал эми В.М.Жирмунский ж.б. илимпоздор эпостогу негизги окуяларды XVII-XVIII кылымдарда күчөгөн ойрот – калмак жортуулдарына каршы кыргыз элинин күрөшү менен байланыштырышат.
Бул багыттагы иш аракеттер бүгүнгө чейин улантылууда. Элдин чыгармачылыгын жыйноодо өзгөчө эмгек сиңиргендер: К.Мифтаков, Ы.Абдырахманов, Б.Абдырахманов, Тоголок Молдо. Кыргыз фольклорунун түрдүү жанрлары боюнча чыгармалардын тексттери илимий эмгектери, жарык көрүүдө.

**«Манас»** эпосуна биринчи илимий пикир айткан адам Ч.Валиханов. Ал минтип жазган: **«Манас** – бир мезгилге келтирилген жана бир кишинин – **Манас** баатырдын тегерегине топтолгон бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, санжыраларынын энциклопедиялык жыйнагы». Айрыкча «Манас» эпосун жыйноо, бастырып чыгаруу, изилдөө багытында орчундуу иштер иштелди. Кыргыз фольклорун изилдөөдө көрүнүктүү салым кошкондорго К.Рахматуллин, М.Богданова, Ж.Таштемиров, Б.Кебекова, С.Закироваларды да кошууга болот. Ошондой эле айрыкча **«Манас»** эпосунун түрдүү проблемаларын иликтөөдө зор салым кошуу менен орчундуу эмгектерди жазгандардын катарына: М.Ауэзов, С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, Б.Юнусалиев,Р.Сарыпбеков, В.Жирмунский, С.Бегалиев, Э.Абдылдаевдер кирет.

## №3 ТЕМА. " МАНАС" ЭПОСУНУН ВАРИАНТТАРЫ

"Манас" эпосу узак мезгилди өз кучагына камтыган жана көптөгөн кылымдарды карыткан монументалдуу чыгарма. Ошондуктан, өзгөрүүсүз сакталган, дайыма кайталана берүүчү текст жок. Ар кайсы доордо жашаган манасчы өзүнүн алымча – кошумчасын сөзсүз түрдө негизги текстке киргизген. Ушундан улам эпосто варианттар келип чыккан.

"Вариант" ( латын тилинен varians өзгөрүүчү дегенди тушүндүрөт). Вариант көбүн эсе оозеки чыгармаларга мүнөздүү. Азыркы мезгилде эпостун негизги бөлүмдөрүнүн кагаз бетине түшүрүлгөн 70ке жакын варианты белгилүү. Жомоктун улам жаңы үлгүлөрүн жыйноо дагы деле улантылууда.

Эл арасында "Манас" эпосунун өзөктүү окуяларын, көрүнүктүү айтуучулар түзүп жана аткарып жүргөн үлгүлөрү салт боюнча эпостун варианттары деп аталат. Бул эпостун биринчи бөлүмүн *Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу, Шапак Рысменди уулу, Тоголок Молдо, Багыш Сазан уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Ыбырай Абдракман уулу, Мамбет Чокмор уулу* тарабынан түзүлгөн.

“Семетей”, “Сейтектин” *Саякбай Карала уулу, Жаңыбай Кожек уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Багыш Сазан уулу, Жакшылык Сарык уулу, Мамбет Чокмор, Акмат Рысменди уулу, Актан Тыныбек уулу* ж.б жараткан варианттарын кошууга болот.

Бардык негизги варианттарга мүнөздүү өзөк окуялар: күчтүү душман тарабынан кыргыздардын чабылышы, негизги каарман баатыр Манастын төрөлүшү, бала чагы, алгачкы эрдиктери; Ата журтту баскынчылардан бошотуу, Алтайдагы кыргыздардын Ала – Тоого кайра көчүп келиши; Шоорук, Алооке окуялары, Манастын Каныкейге үйлөнүшү; Көз камандар окуясы; Алманбеттин тарыхы; Көкөтөйдүн ашы; Чоң казат; Манастын өлүмү жана ага күмбөз салдыруу жатат.

Эпостун көркөмдүк деңгээли, сюжеттик кеңири планда чагылдырылышы жагынан эки чоң манасчыны айтсак болот. Алар, Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу.

## № 4 - ТЕМА. МАНАСЧЫЛАР.

Кыргыз элинин көптөгөн кылымдар бою башынан өткөрүп келген турмуштук тажрыйбаларын – каада – салтын, үрп – адатын, ишеним түшүнүгүн, дүйнөгө болгон көз карашын, ой жоруулары менен умтулууларын, дагы – дагы толуп жаткан оош – кыйыш замандардагы урунттуу учурларын эпикалык формада жалпылаштырып чагылдырып келген “Манас” эпосу биздин мезгилге чейин манас айтуучулардын нечендеген муундары аркылуу муундан муунга атадан балага өтүп отуруу менен үзгүлтүксүз интенсивдүү түрдө өнүгүү процессин башынан өткөрүп, акыр аягында өзгөчө көркөмдөтүлгөн деңгээлдеги баатырдык баяндоонун классикалык үлгүсүндө бизге жетип отурат.

Манасчылык купуя сыры бар табышмактуу шык. Ички дүйнөсү бай, элинин дилин, легенда, санжыра, уламыштарын, үрп – адат, салт – санаасын нарк билген, кандайдыр бир деңгээлде сыйкырдуу күч даарыган киши гана чыныгы манасчы боло алган.

Эл арасында айтылып калган уламыштарга караганда атактуу манасчылардын башатында Манас баатырдын өзүнүн чоролору Ырамандын Ырчы уулу, Жайсаң ырчы турган. Кийинчерээк Манасчылык өнөрдү Толубай сынчы менен Токтогул ырчы өрчүткөнү маалым (XIV кылымдын чегинде). Алардын кийинки чоң манасчы Нооруз дастанды кыйла байыткан.

### ЫРЧЫ уул Каратай

Кырк чоронун бири. "Манас” эпосунун варианттарынын бардыгында кырк чоронун катарында «Ырамандын ырчы уул» деген ылакап аты менен аталат да өз ысымы эскерилбейт. Манастын Орго кан менен болгон согушунда Оргонун аялы Санамкүл өзүнүн эки баласын алып, Манаска көп тартуу менен келип жан соога сурайт. Каратайдын ишке жөндөмдүү, өзү сөзмөр, шок, ар нерсеге ыктуулугун байкаган Манас аны Санамкүлдөн

жигиттикке сурап алат. Кийин Каратай аты калып Ырчыуул деген ылакап аты менен белгилүү болот. "Айтканынан баар таап, Талабына жеткен кул, Ырамандын Ырчыуул, Ычкыры бапик, кырк муун, Тебетейи чоктуу кул, Айтаарга сөзү шоктуу кул, Кылабына толгондо Кырк чоронун бири бул Адегенде Ырчыуул «Насили казак улуу жүз» деп эскерилсе, кийин ал өзүн тейитмин дейт. Ырчыуул атайылап Манасты издеп чыгып, ага жолугуп чоро болот. Манаска адил кызмат өтөө менен бирге, ал өлгөндө анын уулу Семетейге башка чоролордой чыккынчылык кылбайт, ага колдон келген көмөгүн көрсөтөт. Ырчыуул чоң ырчы катары эл көп чогулган жыйындарда, тойлордо жарчылык милдет аткарат. Элде «Манасты» алгачкы айткан акын ушу Ырчыуул болгон деген аңыз сөз калган. Манас өлгөндө анын баатырдык иштерин Ырчыуул кошок кылып айткан. Эл ичинде сакталып калган ошол кошокторду кийин Токтогул ырчы бир чыгармага бириктирген экен деп айтылат.

## Саякбай Каралаев

Тоң районунун Семиз-Бел айылында 1894-жылдын 7-сентябрында туулган. 1917-жылы Кызыл гвардиячылар отрядына өз ыктыяры менен кошулуп, Кызыл Армия менен бирдикте Сибирде, Алма-Атада, Бухарада Советтик бийликти коргогон. 1921-1931-жж. Каракол районундагы Маман жана Ырдык айылдык кеңешинин башкармасы болуп иштеген. 1930-жылы С.Каралаевди Кыргыз АССРинин Эл агартуу комиссариатынын тил жана адабият ИИИсине иштөө үчүн чакырышкан. Анын айтуусу боюнча "Манас" эпосун жазып алышкан. 1936-жылы аны Кыргыз Мамлекеттик филармониясына «Манас» айтуучу катарында кабыл алышкан.

Манасчылык таланты анын балалык кезинде чоң апасы Дакиштин таасири астында ойгонгон. 1918-жылдан С.Каралаев «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү өз алдынча айта баштаган. 1924-жылы ал белгилүү манасчы Чоюке Өмүров менен жолугуп, бир нече жылдар ичинде андан «Манас» эпосун айтууну үйрөнгөн. С.Каралаев өзүнүн эскерүүлөрүндө белгилүү манасчы Акылбек жөнүндө дагы өзүнүн устаты катары эскерген. 1930-жылдан көрүнүктүү манасчы болуп эсептелген.

1935-жылдан Каралаевдин толук варианты боюнча «Манас» эпосун жазуу иши башталып, 1937-жылы үчилтиктин биринчи бөлүгү, кийин «Семетей», «Сейтек» жазылып алынган. Мурда белгисиз болгон Кенендин, Алымсарыктын жана Кулансарыктын окуялары эпостун уландысы болгон. «Манас» эпосунун бул вариантынын жалпы көлөмү 500553 ыр саптарын түзгөн. Дүйнө элдеринин эпостору менен салыштырганда көлөмү боюнча Гомердин «Илиада» жана «Одиссеясынан» 20 эсе, «Шахнамеден» 5 эсе, «Махабхаратадан» 2 эсе чоң.

С.Каралаев «Манас» эпосун бир нече айлар бою үзгүлтүксүз аткара алган. Аны XX кылымдын Гомери деп аташкан.

С.Каралаевдин айтуусунда «Эр Төштүк» эпосу жазылып алынып, 1938-жылы кыргыз тилинде, ал эми 1958-жылы орус тилинде өзүнчө китеп болуп

чыккан. Ал тарабынан жомок, поэма, аңгеме түрүндөгү бир катар оригиналдуу чыгармалар жаралган жана өзүнчө басылып чыккан.
1938-жылдан СССР Жазуучулар союзунунун мүчөсү.
1939-жылдан Кыргыз ССРинин Эл артисти.
Үч жолу «Эмгек Кызыл Туу» ордендери, «Ардак белгиси» медалы, Ардак грамоталар менен сыйланган.

Сагымбай Орозбак уулу

Кыргыз элине кеңири белгилүү болгон чоң манасчы, – Сагымбай Орозбак уулунун (1867 же 1868, Ысыккөл р-ну) туулган жылы так маалымат эмес, манасчы өзү өлөр жылы 63 жаштамын дечү экен. Ошол сөзгө таянып 1867-ж. туулган делип жүрөт. Эгер манасчы өз жашын кыргыздардын жыл сүрүү эсеби боюнча айтса, анын чын жашы 63 эмес 62, ал эми туулган жылы 1868-ж. болот.

Сагымбайдын атасы Орозбак жумгалдык саяк уруусунун мойнок уругунан. Атасы жашында өлүп, жаш балдары менен жетим калган аял уруулар арасындагы чабыш-талаштардын биринде талоонго түшүп, ар тарапка бөлүнүп, олжого кетишет. 17 жашка келгенде Кочкордогу Ормон ханда жигит болуп жүргөн агасы Орозойдун үстүнө келет. Орозой өзү да кашкарлык соодагерлерге сатылып, жолдон качып чыгып, баш калкалап Ормонго келип туруп калган экен. Орозой тың, анын үстүнө чоорчу, сурнайчы болгондуктан, Ормонго тез алынып, анын сурнайчысы, ишенимдүү жигиттеринен болуп калат.

Орозбактын туулганда азан чакырылып коюлган аты Акеше. Ормонго келгенде: – Атың ким? – деген суроосуна Акеше – деп жооп берсе, Ормон атың жаман экен, сен мындан кийин Орозойдун иниси Орозбак бол, – дейт. Ошондон тартып Акеше Орозбак атыгат. Орозой өлгөндөн кийин Орозбак анын ордуна Ормондун сурнайчысы болот. Атасы Орозбак өлгөндө Сагымбай 12–13 жаштардагы бала экен. Атасы тирүү кезинде 9–10 жаштар курагында айылда бир нече молдодон окуп, араб тамгасын таанып, жазылгандарды окуй алчу экен, бирок, өзү жазганды билбептир. "Манас” айтууну Сагымбай 15–16 жашынан тартып баштаган. Бирок, ага чейин эле жамактатып сүйлөп, тамашалуу, лирикалык ырларды чыгарган жөндөмү менен айыл арасында оозго алынганы эскерилет. Сагымбай манасчылык өнөргө ээ болуусун түш көрүү – аян берүү менен түшүндүрөт жана мурда эпосту аткарбай жүрүп эле ошол түш көргөндөн тартып, чыгарманы аткара баштаганын айтат.

Сагымбай айткан вариантты 1922-ж. Каюм Мифтаков кагаз бетине түшүрүп, 1926-ж. Ыбырай Абдыракманов эпостун биринчи бөлүгүн "Манасты” жазып бүтүргөн. Бул узакка созулган жана өтө оор ишти жүзөгө ашырууга шарт түзүп, материалдык, моралдык жактан жардам уюштуруп, көмөк көрсөткөн

Ыбырай Тойчунов болгон. Сагымбайдын катуу ооруп калганына байланыштуу андан "Семетей”, "Сейтек” жазылган эмес. Манасчы өзүнүн көргөн түшүндө жомок айтасыңбы, же чаап саламбы?! – деп опузалап коркуткан жигит Семетей экен, ошон үчүн жомокчулук өнөрүндө эпостун "Семетей” бөлүмүн өзгөчө берилип айткандыктан ушул бөлүмдүн көркөмдүк деңгээли "Манастан” да жогору, окуялары кызык, көлөмү биринчи бөлүмдөн алда-канча көп эле, жазылбай калды – деп, өкүнүшөт манасчыны жакшы билгендер. Сагымбай 1930-ж. май айында Кочкордогу Аңырты суусунун жээгинде дүйнөдөн кайткан. С. манасчыдан жазылган эпостун биринчи бөлүмүнүн тексттери 180378 сап ыр.

## ЖУСУП МАМАЙ

1918-жылы Чыгыш Түркстандагы (азыркы Кытай Эл Республикасынын Шинжаң-Уйгур автоном районундагы) Ак-Чий ооданынын Меркеч айылында Ат-Жайлоо конушунда туулган. Жаңы маалыматтарга караганда, Жусуп Мамай 1916-жылы жарык дүйнөгө келгендиги такталууда Жети жашынан кат тааныган.

Анын агасы Балбай Мамай уулу "Манас" эпосуна кызыгып, аны чогултуп кагазга түшүрүп жүргөн. Жусуп Мамай "Манас" эпосунун сегиз урпагына чейин айтат. Анын айтымында, бул эпос 500 миң сап ырды түзөт.

"Манас" дастанын Жусуп Мамай айткан варианты КЭРде араб тамгасы менен басмадан чыккан. Мындан тышкары "Төштүк", "Мамаке Шопок", "Көбөөн", "Толтой", "Ажыбек Баатыр" сыяктуу чакан дастандары да басмадан чыгартылган.

1995-жылы Кыргызстандагы "Манас" дастанынын шарттуу миң жылдык маарекесине катышкан. Кыргызстандык бедизчи Тургунбай Садыков анын айкелин жасаган.

Жусуптун атасы Мамай бардар, оокаты тың адамдардын бири болгон. Мамай аксакал Мекеге барып, Ажы да болуп келген.

Жусуп Мамай кичинекейинен эле зирек, зээндүү болуп чоңойгон. Атасы Мамай аны алты жашында эле айылдагы Ыстам Кожо аттуу молдонун колуна кат үйрөтүүгө берет. Жусуп бат эле кат таанып, китеп окууга жетишкен.

1961-жылы Шинжаң Уйгур автономиялык районунун борборунда адабият көркөм өнөрчүлөр бирикмеси уюштурулуп, Жусуп Мамайдын айткан «Манас» вариантын жаздыруу үчүн атайын топ түзүлүп, жарым жыл аралыгында 110 000 сап ыр кагазга түшүрүлөт.

1964-1966-жылдар аралыгында толуктоо максаты менен Жусуп Мамайдын вариантын жазып алуу үчүн экинчи ирет илимий экспедиция жиберилет.

Бул сапар манасчыдан 196 000 сап ыр кагазга түшүрүлөт.

Ал эми 1966-жылы Кытайда «Маданий революция» саясаты башталгандыктан, 1966-жылдан 1978-жылдын ноябрь айына чейин Жусуп Мамай саясый куугунтукка туш болот.

Манасчы үй-жайынан ажыратылып, борбордон алысыраак болгон “Ак-Булуң” деген айылга көчүрүлөт. Манасчынын оозунан жазылып алынган Манастын 8 урпагынан турган материал Бээжинге жиберилет.

Бул каардуу жылдары Ак-Булуңда жатып тим болбостон, 1937-жылы атылып кеткен агасы Балбай учурунда айтып берген “Манастын урпактары тууралуу баянды” Жусуп Мамай өз алдынча кагазга түшүрө баштайт.

1978-жылы декабрь айында Жусуп Мамай Бээжин шаарына чакыртылып, ушуну менен үчүнчү сапар манасчынын вариантын кагазга түшүрүү иши колго алынат.

Ал эми 1964-жылы жазылып алынган материалдардын ичинен Жусуп Мамайдын «Семетей» гана бөлүгүнүн кол жазмасы калып, калганы дайынсыз табылбай калат.

Кайрадан башталган ишти Сакен Өмүр баштап, Асанбай Матим, Мамбетасан Эрги, Оргалча Кыдырбай, Толкун Турду, Токтобүбү Ызак тарабынан ишке ашырылып, манасчынын варианты боюнча Манастын 8 урпагы кагазга түшөт, алар: Манас – 50 миң сап ыр, Семетей – 37 миң сап ыр, Сейтек – 25 миң сап ыр, Кененим – 34 миң сап ыр, Сейит – 11 миң сап ыр, Асылбача-Бекбача – 30 миң сап ыр, Сомбилек – 11 миң сап ыр, Чигитей – 12 миң сап ыр.

Кагазга түшүрүү иши 1983-жылга чейин жүргүзүлүп, аягына чыгат. Бул мезгил аралыгында Жусуп Мамайдын 18 томдон жана 200 миң ашуун сап ырдан турган варианты толугу менен кагаз бетине жазылып алынат. 1984-жылы манасчынын варианты боюнча «Манас» бөлүгү китеп болуп араб арибинде жарык көрөт. Мындан сырткары Жусуп Мамайдын варианты боюнча: «Курманбек», «Эр Төштүк», «Багыш», «Толтой», «Тутан», «Жаңыл Мырза», «Мамаке Шопок», «Көбөк» сыяктуу дастандар да кагазга түшүрүлүп, жарыкка чыгат. 2005-жылы Жусуп Мамайдын айтуусундагы «Манас» эпосунун толук варианты бир китеп болуп кириллица арибинде Кытайдан чыгат.

Жусуп Мамай 1990-жылы Үрүмчү шаарында өткөрүлгөн «Манас» эпосу боюнча Эл аралык илимий конференциянын катышуучусу болот.

Кыргызстанга манасчы биринчи ирет 1992-жылы манасчы Сагымбай Орозбаковдун 125 жылдык маарекесине, экинчи жолу 1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине ардактуу конок катары чакыртылат.

2014-жылдын май айында ага КРнын Баатыры наамы КРнын Президенти Алмазбек Атамбаев кол койгон жарлыкка ылайык ыйгарылды. Бирок наамдын ээси бул кабар тууралуу укканы менен, жогорку сыйлыкты кабыл алууга жетишкен жок.

2014-жылдын кулжа (июнь) айынын 1инде таңга маал Жусуп
Мамай Кытайдагы Кызыл-Суу Кыргыз автоном облусуна караштуу Ак-Чий кыштагындагы ооруканада оорунун айынан кайтыш болду.Анын сөөгү 2014-жылдын 2-июнунда Ак-Чийде жерге берилди.

Мамбет Чокмор уулу

Мамбет Чокмор уулу (1896, Тоң р-ну – 1973) – манасчы. Ал өз вариантын жаздырып жүргөн учурда кайсы манасчыдан кандайча таалим алгандыгын айтпай: "Манас баатырдын өзү айтмайынча же "Манасты" өз дилинде айтпаса, жаттап бирөөдөн үйрөнүп алууга болбойт" – деген. Башка манасчылар сыяктуу эле ал да Манас баш болгон чоролордун аян берүүсүнөн, "айтасың" деп кыстаганынан кийин гана "Манас" айтып калгандыгын эскертет. 20 жашында Тастар-Ата деген жерде жүрүп, уктап калганын же талып калганын өзү билбейт. Ошондо көзүнө көк туу көтөргөн кошун көрүнөт.

Алардын ичинен бөлүнүп чыккан бирөө буларды тааныйсыңбы деп опузалайт. Мамбеттааныбастыгын айтканда бирөөнүн "найза менен сайып ташта" деген үнү угулат. Жанына келген киши: "Коркпо Манас ушул, эми сен Манасты айтасың", – деп аттан түшө калып Мамбеттин төшүнүн оң жагына мөөрүн басат. Ошондон кийин Мамбет өзүнчө жалгыз жүргөн учурларда бирөөлөр жолугуп калса же көрсө эсинен танып жатып калчу экен. Мына ушундай абалда жүрүп, эл арасына барып айтпагандыктан бир жак ыптасынан шал ооруга чалдыгат. Мамбеттин ушул абалын байкаган таекеси Дөңүзбай аны эл арасына алып чыгып биринчи жолу бетин ачат. Ошондон тартып эл аралап "Манас" айтып калат. М. Чокмор уулунан "Манас" үчилтигинин бөлүмдөрү ("Манас", "Семетей", "Сейтек") Манас секторунун кызматкерлери тарабынан 1965–73-жыдардын аралыгында жазылып алынган. М-тин айткан вариантында "Манас" эпосундагы айтылып жүргөн салттык окуялар бүтүндөй камтылган. Окуяларды сүрөттөп берүү ыктары көпчүлүк манасчылардыкына жакын. Бирок, айрым бир окуяларды куруу, мотивдери талкулоо жана сүрөттөө көрүнүштөрү боюнча башка варианттардан мүнөздүү айырмачылыкка ээ.

Тыныбек Жапый уулу

Тыныбек Жапый уулу (1846, Жети-Өгүз району – 1902) – манасчы.
Тыныбектин өмүр жолу жөнүндө так, кеңири маалыматтар аз.
Манасчынын өз небереси Актан Тыныбек уулу ар кимден уккан эскерүүлөрүнүн негизинде 1938-ж. жазып тапшырган кол жазма азыр негизги маалымат катары эсептелип жүрөт.

Тыныбектин чыгармачылыгын белгилегенде анын акындыгы өз кезегинде таланттуу манасчы Чоңбаштын таасиринде болгондугу талашсыз. Тыныбек белгилүү манасчылар Балык, Келдибек, Назардын айтуусундагы жомокту да

уккан. Айрым манасчыларга өзүнүн каалоолорун айткан учурлары да болуптур. Манасчылар Акылбек менен Дыйканбайга «Манас» айттырып көрүп, «Дыйканбайды сен, балам жорго айт, Акылбек сен жыйылган топко, калың элге айт», – деп айткан экен. Анын айтуусуна караганда жогоруда аталган манасчылардын ичинен Чоңбаштын таланты жогору бааланып андан өтөрү болгон эмес экен.

Тыныбек өз тукумунан өзүнүн жолун улантуучу манасчы калса экен деген тилекте болгон. Ал өлөр алдында баласы Сооронбай менен жээни Байбагышты ырдатып көрүп: «балам Сооронбай, сен көп арбыта албайт экенсиң, Байбагыш болсо дурус жомокчу болуп калган экен», – деп ыраазы болот.

Айрым адамдардын өз демилгелерин эске албаганда, революцияга чейин элдик оозеки чыгармачылыкты кагаз бетине түшүрүп, чогултуп алууга атайы көңүл бурулбагандыктан, даңазалуу жомокчу Тыныбектен «Манасын» жазып алуу иши да тиешелүү деңгээлде колго алынбаган. Болгону «Семетей» бөлүмүнөн кичинекей бир эпизод жазылып калтырылган. Анын жазылыш тарыхы Тыныбектин өзүнүн эскерүүсүндө мындайча болгон: «1898-ж. Нарын участковою «Манас», «Семетейди» жазып бергин деп буйрук кылган.

Жазуу учурунда айтуучу эл алдында айтканындай кенен эмес, кыскартып чолуп жаздырган (Тыныбек кийин бул жөнүндө өзү эскерген), басуу учурунда мурунку жазылган тексттин кээ бир барактары жоголуп кетиши (басылып чыккан китепте жоголуп кеткен беттер атайы көрсөтүлгөн) сыяктуу кемчилигине карабастан, бул үзүндү Тыныбектин чоң манасчылык дараметинен аздыр-көптүр кабар берет. Ырас, Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү эл ичинде кеңири белгилүү болуп, анын сюжети өтө такталып, туруктуу бир канонго түшкөндүктөн, Тыныбектен жазылып алынган үзүндү да сюжети жагынан башка варианттардан анча айырмаланбайт, ар бир мотивине чейин окшош. Бирок, ошол баарыга белгилүү окуяны көркөм бере билүү жагынан өзгөчөлүгү, чеберчилиги байкалбай койбойт.

Манасчы каармандардын сырткы сын-сыпатын, келбетин табияттагы күчтүү, сүрдүү, шаңдуу көрүнүштөргө, жаныбарларга, буюмдарга салыштыруу менен элдик баатырдын монументалдуу элесин – идеалдуу портретин жараткан.

Ырас, сүрөттөөнү ушул эле түрүндө же түрдүү вариацияда манасчылардын кийинки өкүлдөрүнүн көпчүлүгүнөн жолуктурууга болот. Алардын көпчүлүгү Тыныбектин шакирттери болгон, демек бул сүрөттөөлөр аларга Тыныбектен оошкон деп айтышка негиз бар. Тыныбек анын айрым саптарын өзү жаратса, айрымдарын өзүнөн мурунку улуу манасчылардан кабыл алуу менен кийинки муундарга өткөргөн. Тыныбек Семетейди гана эмес, «Манастагы» ар бир негизги каарманга жекече мүнөздөмө берип, жекече

портретин жаратканын, анын түшүндө уккан «Манасы» катары эсептелген материал да ырастайт. Бул материал боюнча Тыныбектин түшүнө кирген Күлчоро: Манас, Алмамбет, Бакай, Чубак, Сыргак, Семетейдин ар бирин көрсөтүп, алардын өз-өзүнчө сын-сыпатын айтып берет.

Тыныбек каза болгон күнү ай тутулган. Улуу манасчынын талантын жогору баалап, ыйык туткан эл бул кубулушту анын өлүмү менен байланыштырып, табияттын да аза күтүүсү катары аңыз сөз кылышкан. Тыныбек «Манасты» көпкө айтпай калган учурларында буулугуп кетчү экен. Ал эми аны аткарган учурда, өзү эпикалык каармандардын арасында жүргөндөй болуп, түрдүү окуяларды элестеп кетем дечү экен. Бул анын чыг-лык шыгынын канчалык күчтүүлүгүн, поэтикалык дүйнөсүнүн кеңирилигинен кабар берет.

## Уркаш Мамбеталиев

Уркаш Мамбеталиев (1934-ж. т., Түп р-ну) – акын жана манасчы. Кыргыз Республикасынын эл артисти, Бишкектеги М. Күрөңкеев атындагы музыкалык-хореографиялык окуу жайын бүткөн. Акындын "Манас" айтуу өнөрүнө чейин анын поэзия чебери катары изденүүсү жөнүндө айта кетүү орундуу. Студияда окуп жүргөн кезинде азын-оолак ырларды жазып, өзү теңдүүлөрдүн арасында белгилүү болгон. Ошону менен катар "Жоодарбешим", "Сейитбек" өңдүү элдик чыгармаларды өздөштүргөн. Кийин "Манастан" үзүндүлөрдү С. Орозбаковдун варианты боюнча жаттап айтып жүргөн. Акындын бүгүнкү күндө 6–7 ырлар жыйнагы жарык көргөн. Мис. , "Көктөм" (1968), "Ашуу" (1979), "Алтын аяк" (1982), "Таазим" (1985), "Арча жыты" (1994) ж. б. Экинчи бир атайын сөз кылууга арзырлык чыгармачылыгы бул – "Манас" айтуу өнөрү. Адегенде жаттап, бир-эки эпизоддон айта жүрсө, кийинчерээк эпостун үчилтигин айтууга далалаттанган. Көбүнчө классик айтуучу, жаратуучулар С. Орозбаковдун, С. Каралаевдин варианттарын пайдаланып жаттап айткан. Убакыт аралыгында аткаруучу өз алдынча вариант жаратууга аракеттенген. Бул жазма китептик үлгүдөн кайра оозеки адабий чөйрөгө кайрылуу болгон. Оозеки түрдө өздүк варианттын айтуусу да оңунан чыккан. Натыйжада, чакан көлөмдө өздүк үнүн кошкон вариант жаралган. Буга өзү мурда жатка билген тексттери чоң өбөк болгон. Окуялардын өзөгүн сактоо, камтуу, мурдагы варианттардагы традициялуу бөлүктөрдүн сакталышы буга күбө. Дилинде "Манас" аткаруучу чоң манасчыларды туураган, ошолордун зор талантына баа бере билген. "Манасты" Манастын тилинде кандай болсо кабылдап кайра баяндоого үйрөнгөн.

## Сейдене Молдоке кызы

Сейдене Молдоке кызы (1922, Кетментөбө өрөөнү) – семетейчи. Айылдык жети жылдык мектепти аяктаган. Сейдене өтө жаш кезинен ырга, сөзгө үйүр

болуп, өзү да кези келгенде жамактатып ырдай коюп жүргөн. Элде Сейдене Атай Огомбаев менен айтышкан деген аңыз сөз бар. Сейдене «Семетей» айтып калышын башка манасчылардай эле түш көрүү менен байланыштырат. Анын түшүнө адеп улуу акын Токтогул кирип, «Манас» айт дейт. «Айланайын Токо! Аял киши болсом кантип айта алам?» – деп макул болбойт. Көп өтпөй Сейдене катуу ооруйт, түшүнө Семетей кайра-кайра кирип, эпосту айтууну талап кылат. Ушул мезгилде Сейдененин баласы чарчап калат. Муну ал эпосту айтпаганы үчүн түшүнө кирген баатырлардын (Семетей ж. б.) арбактарынын жазалоосу катары түшүнөт да жалгыз калганда көбүнчө түн ичинде, өзүнчө «Семетейдин» ар кайсы эпизоддорун айта баштайт. Бара-бара такшалып кадимкидей айтууга жарап калганда коңшу аялдарды үйүнө чакырып алып аларга айтып берип жүрөт. Муну кайнатасы билип калып «Манасты» аял киши айткан эмес деп, Сейдененин эпосту айтуусуна катуу каршы болуп, таптакыр тыюу салат. Бирок, «Семетейди» эл арасында айтууга абдан ынтызарланган Сейдене эл көп чогулган кайсы бир чоң майрамда үйүнөн качып чыгып, майрамга келген карыяларга барат да алардын уруксаты менен алгач көп жыйындын астына чыгып өнөрүн көргөзөт. Анын «Семетейин» жактырган карыялар ак батасын беришет. Ушундан тартып үй-бүлөсүнүн тоскоолдугу токтоп, «Семетей» айтып калат.
Жаш Манасчылар –Рысбай Исаков, Талантаалы Бакчиев, Улан Исраилов, Дөөлөт Сыдыков, Үмөт Болот уулу,

## № 5 – ТЕМА. “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ДОСТУК ТЕМАСЫ

Мазмуну жагынан көптөгөн окуяларды камтыган “Манас” эпосу өзүнүн сюжеттик түзүлүшүндө оң каарман болобу, терс каарман болобу, негизги каарман болобу, жөнөкөй (персонаждык) каарман болобу анын ички дүйнөсү, бири – бирине болгон мамилеси кеңири планда ачылып берилген.

**Достук темасы -** эпостогу өзөктүү темалардын бири. Бул тема эң жөнөкөй формада, татаал формага чейин иштелип чыккан. “Достук – бири – бирин кыйбастыкка, рухий жакындыкка негизделген адамдардын ортосундагы мамиле”. Эпосто эпикалык каармандар достошкондо эң байыркы мезгилдердеги көп кудайга табынуучулук б.а. анамизм, шаманизм, тотемизм, миф (табу) өңдүү ишенимдердин элементтери менен катар, кечээки гана кирген ислам дининин канондору да кездешет. Эпосто баатырлар “ак болот мизин жалашып, ак буудай унун чайнашып, келеме шарап кармашып, бычакты кындан алышып, чыбык кыркышып, арнап союлган малдын канына колдорун карууларына чейин малышып, күлүк аттарды тартуу кылышып, батадан тайып, аны бузганды, “ак келтенин огу, ак милтенин чогу урсун” дешип антташып – шерттешип достошкон.

“Манас” – ынтымакты, биримдикти, баш кошкондукту, эл достугун, достукту бийик даңазалаган эпос. “Манас” эпосунун түндүгүн көтөрүп турган үлкөн идеялардын бири – интернационализм, достук, ынтымак идеясы дал ушундай концептуалдык дүйнө түшүнүктөн агып чыгат. Манаста

айрыкча коңшулаш, тектеш түрк калктарынын достугу биримдиги жөнүндөгү идеянын күчтүү берилгендигин баса белгилегибиз келет.

Манастын достору менен чоролору – ар түрдүү элдер менен уруулардын атуулдары. Алар динине, улутуна, уруусуна, уругуна, тегине, тууган – туушкандарына, жашаган жеринин жакындыгына же алыстыгына карап дос болушпайт. Тескерисинче, адамгерчилигине, баатырдыгына, ишмердигине, өнөр – билимдүүлүгүнө, кесибине, даанышмандыгына, калыстыгына, чынчылдыгына ж.б.у.с. жакшы сапаттарынын аркасында гана дос болушат.

**Кырк чоро** — Манастын баатырдык кошуну, нөкөрлөрү, эң жакын кеңешчилери, жан жолдоштору, кол башчылар, ар башка уруулардын тандалган мыктылары, кылданган баатырларынан куралган көйкашкалардын тобу. Ар башка варианттарда ар башка санда, айрым учурларда алардын аталыштары да ажырымдуу болгону менен негизинен элге кенен тараган саны кырк. Көпчүлүк учурда алардын баары тегиз саналбай негизгилери гана аталат да окуянын жүрүшүнө ылайык алар көпчүлүк учурда эпикалык каармандардын негизин түзөт. Кырк чоро айрыкча Сагымбай Орозбак уулунун вариантында Манас чоролору менен Каныкейге күйөөлөп барганда эки-үч жолу кайталанып толук саналат.

Кырк чорого төмөнкү каармандар кирет:

Бакай, Кыргылчал, Чалыбай, Ажыбай, Кутунай, Каратоко, Мажик,Камбар уулу Чалик, Сатай, Атай, Үмөт, Жайсаң, Каракожо, Бообек, Шаабек, Шүкүр, Алтай (албандардан), Төртай, Төлгөчү кара Төлөк, Токөтай, Калкаман, Элеман, Серек, Сыргак, Кошабыш, Эр Ыбыш, Алакен, Арстан, Мажик, Чубак, Жоорунчу, Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу, Кербен, Дөрбөн, Бөгөл, Каратүлөө Кабыке, Жабыке, Бооке (Алоокенин уулу), Ырчуул, Бозуул, Тазбаймат, Шууту...

Булардын ичинен жарымынан көбү туруктуу, дайыма аталган активдүү каармандар, ал эми акыркы он чактысы жалпы санга кирип аттары сейрек аталат да, айрымдары кээде башкача да атала берет.

Өзгөчө дастанда Манас менен Алмамбеттин бузулбас достуктун жаштарга тийгизген таасири абдан күчтүү. Ал экөөнүн ортосундагы бузулбас достук мамиле жана муундарды баатырдыкка, эр жүрөктүүлүккө, туруктуулукка, ошондой эле айкөл, ишенимдүү, боорукер, адамгерчиликтүү болууга тарбиялайт.

## № 6 – ТЕМА. «МАНАС» ЭПОСУНУН ӨЗӨКТҮҮ ОКУЯЛАРЫ

Манас - кыргыз элинин эң улуу баатыры. "Манас" эпосунун башкы каарманы.

Манас баатыр Жакып хандын баласы. Эпос боюнча кыргыздын ногой уруусунан чыккан.

Ата-бабалары хан болгон. Манас кыргыздар Алтайга айдалып келгенде туулат.

Жалпысынан "Манас" эпосу төмөнкү негизги өзөктүк окуялардан турат:

- Манастын төрөлүшү жана балалык чагы
- Манастын алгачкы эрдиктери: Нескара, Жолойду жеңгени.
- Манастын хан көтөрүлүшү
- Манас баштаган кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүшү.
- Кичи казат - бул өз Ата-Конушун кытай, калмактардан бошотуп алуу үчүн жүргүзгөн согуштары.

- Манастын Каныкейге үйлөнүшү. Мурунку алган аялдары Карабөрк жана Акылай сулуу, бирок ой-сезимдери күнүлөшүүдөн аша албаган жандар катары сүрөттөлөт.
- Манастын кыз Сайкал менен болгон мамилеси.
- Алмамбеттин жомогу
- Көкөтөйдүн ашы
- Чоң казат. Манастын кол курап Кытайга согуш ачып барышы. Кытайды жеңип, Чет Бээжинге кан болуп калат.

## №7-ТЕМА. МАНАСТЫН АЛА-ТООГО КАЙТЫШЫ. ҮЙЛӨНҮШҮ.

Манас алыста калган Ала-Тоо мекени, ар кай жерде калган ак калпак кыргыз эли жөнүндө күнү-түнү толгонуп, тынч алып уйку ала албай, сарсанаага батып, «Жердеп турат жеримди, ээлеп турат элимди, Текес менен Алооке, кетирип турат кебимди» деп намыстанып, ичи өрттөнөт. Акыры: «ак асаба, кызыл туу, аягын жерге сайбасам, асабасын жайбасам, атым өчүп калбайбы, атамдан калган Ала-Тоо, Алтайдан калбай албасам», деп так кесе бир чечимге келет.

Манас Алтайдан аяк башындагы элди чакырып, чоң жыйын кылат: «ага-ини журтум, бала да болсом мени хан кылдыңар, эм именин сөзүмө кулак салгыла»,-деп көпчүлүккө кайрылат. Кагылайын калайык, калың кытай козголгону турат, короодо жатат коюм деп, кор болбоймун, оюм деп, өрүштө жылкы малым деп, өзгөчө кыйын алым деп, жүк артсам төөм арбын деп, төөм бардан жүрөм деп компойсок, адашканбыз. Дүйнүйө бизге опол болуп бербейт. Ала-Тоо мекенибизге кетпесек болбойт, алтымыш уруу журтубуз жыйылбасак болбойт, дегенде жалпы турган эл аны колдоп кетет.

Ар кайсы жерге кабар берилип, жолдун камы көрүлүп, жоо-жарагы шайланып бүткөн соң Алтайдын арал талаасына туш-туштан кыргыздар чогулуп айлана айгайлаган ызы-чууга толуп, найзанын учу жылтылдап, адамдын башы калкылдап кошуун жүрүшкө даяр болду. Ошондо Алтайдын арал талаасынан Манас баштаган кыргыз колу дүңгүрөп Ала-Тоону көздөй жол тартты.

Жолдо баратып Манас Текес хандын калаасына чабуул койду.корккондунан кылыч чаппай, ок атпай, жаа тартпай душман багынып берди. Текес хан өзүнө өзү бычак уруп өлөт.

Ак карлуу Ала-Тоонун четине келгенде кыргыздарга зордугун көрсөтүп жүргөн Кыйтучу калмак баш болгон Алоокенин миңдеген кошуунун өлтүрүп, быт-чытын чыгарат. Ала-Тоолук кыргыздар сүйүнгөндөн көздөрүнө жаш алышат. Манас кошууну менен Ала-Тоого аттанганда, Жакып, Акбалта өңдөнгөн карапайым эл, кемпир-чал, бала бакыра Алтай жергесинде калган. Аны алып келиш үчүн Кошой аттанып элди көчүрүп келет.

## №8-ТЕМА. КӨКЧӨКӨЗ ЖАНА КӨЗКАМАНДАР ОКУЯСЫ.

**Көзкамандар окуясы** — «Манас» эпосундагы орчундуу өзөк окуялардын бири, туруктуу салттык окуялардын катарына кирген чоң бөлүм. Кыскача мазмуну Көзкамандар окуясына жакын окуя «Мажму ат-таварихте » да бар. Баатырга жакын тууганы, кээде жолдошу, аялы жана башкалар кастык кылып уулантып, андан укмуштуу түрдө аман калуу (кээде өлүп кайра тирилүү) жөө жомоктордо, эпостордо кеңири белгилүү сюжет.

Үсөндүн элин издеп чыгышы — «Көзкамандар окуясындагы» киришүүнүн милдетин аткарган бөлүмчө, негизинен Үсөн жөнүндөгү жалпы маалыматтар баяндалат. Кыргыздарды кытайлар басып алып Ногой кандын балдарын туштушка бөлгөндө Жууша деген жердеги дөңгө деген элге айдалып барган жыйырма төрт жаштагы Үсөндүн аялы төрөттөн өлүп, ымыркай баласы колунда калат. Ага Көкчөкөз деп ат коюп, койнуна салып көтөрүп, багып чоңойтот. Буудай айдап жан багып жүрөт. Калмактан Субай аттуу аял алып, ал алты' уул төрөйт: Чагалдай, Арбалдай, Дөрбөлдөй, Агалдай, Бегалдай, Тоголдой. Үсөндүн өз аты унутулуп Көзкаман атыгып кетет. Көзкаман жетимиш төрт жашка чыкканда иниси Жакыптын уулу Манас мыкты чыгып, душмандарын жеңип, ата конушуна көчүп барганын угуп, элине барууну чечет да, балдарын көндүрүп, көчүп чыгат. Алтайды басып өтүп, Илеге түшүп жөө жалаңдап жол жүрүп отурат.

**Манастын Көзкамандардын көчүнө жолукканы** — «Көзкамандар окуясына» тиешелүү сюжеттин башталыш түйүн эпизоду.

Көкчөнүкүнөн аттанып чыгып, Манас кырк чоросу менен аң уулап тамаша кыла кетмек болуп Тарбагатай тоосунда бугу, марал атып жүрүшүп, көбү жөө, азыраагы аттуу көчкө жолугат. Арасындагы аксакал адамдан жай сураша келип тууган экенин билишип кубанып көрүшүшөт. Көчтү Кара-Талдын оюна кондуруп, Көкчөгө, айланадагы казак, калмактарга кабар айттырып, кадыр салып суратып, үч Жүз жылкы чогултуп жаңы туугандарына берип, элге сүйүнчүлөп киши чаптырат. Абасы Үсөнгө эми өзүнөр жай келе бергиле деп, жол көрсөтүүгө бир нече жигит калтырып, Манас аттанып кетет. Кабарчылардын кабары аркылуу Үсөндүн келе жатканы элге дайын болот.

Манастын Түлкү баатыр менен согушу, Акунканга бел куда болушу — эпостогу кеңири белгилүү окуялардын бири, айрым белгилери боюнча (Акункан менен Манастын бел куда болушу) туруктуу салттык сюжеттердин

катарына кошууга да болот.

Оогандын каны Түлкү баатыр катаган менен тейиттерди камап, көп кордуктар көргөзөт. Кошой үйүндө жокто элин чаап, баласы Алкени өлтүрүп кеткенин угуп Манас шашылыш Ооганга каршы аттанат. Кетип жатып Каныкейди Көзкамандарды жакшылап тос — деп тапшырат. Ооганга жакындаганда ал элдин Көгөш аттуу аяры ат болуп кубулуп келип, Бокмурунду уурдап кетет. Кыргыздын аярлары кубулуп барып Акунканды баш кылып, Түлкүнүн алты бегин уурдап келишет. Түлкү колу менен келип согуш башталат. Бирок, туткундагы Акункандын сунушу боюнча уруш токтоп, эки эл жарашат. Түлкү кандыгын иниси Акунканга берет. Манас менен Акункан достошуп, балалуу болсок үйлөнтөлү дешип бел куда болушат. Бокмурун туткунда жатканда Түлкүнүн кызы Канышайды көрүп, экөө бирин бири жактырып калган экен. Кол кайтмак болгондо он үчтөгү Бокмурундун кыжалат болгонун байкаган Манас себебин сурап билет да, Бокмурунга жактырган кызын алып бермек болот. Жуучуга барган Бакай менен Ажыбайга Түлкү кызым жаш, азыр убадалашып коёлу, кийин келип алсын дейт. Кайтмак болуп жаткан кол токтоп, калыңга төрт миң ат айдап, куда түшүшөт. Түлкү той берет. Ала турган кыздын атын билбей, айып тартышат, ошондон кудалардан колуктунун атын суроо салты калат. Той тарап, эл жайжайына кайтат.

Көзкамандардын көчү келет. Манастын кадыры үчүн баатырдын туугандары келе жатышыптыр дешип эл дүрбөп, көчтүн алдын тосо барып Үсөнгө учурашып, сый көрсөтүшөт. Каныкей өрүлүктөй барам деп жүз мал союш алып, көчтү тосо чыгат, аттан түшүп жол боюнда туруп күтүп алып, урмат көрсөтөт. Көзкамандын балдары бизге жүгүнбөдү, текебер экен дешип купур кылышат. Карабөрк менен Акылай да келип жүк түшүрүшүп, үй тигишип кызмат кылышат. Кийген кийимин, жүргөн-турганын жактырбай, балит жашаганын жактырбаган Акылайды «көнгөн салты да, андай дебе — деп, Каныкей тыят. Калмакча сүйлөп, аларды тууган катары эсептеген Карабөрк гана Көзкамандарга жагат. Оогандан кайткан Манас жаңы туугандарынын көңүлүн көтөрүп, ыраазы кылуу үчүн алардын келген урматына той берип, үй-жай, буюм-терим, кийим-кечесине чейин жаңылап, эскилерин бүт өрттөтөт. Көзкамандар буга катуу наараазы болушуп, Манаска кекенип калышат да, анын көзүн тазалап, ордун ээлөөгө убадалашышат. Каныкей Манаска жаңы туугандарыңдын түрү бузук, түбү сага эл болбойт, кордук көрүп каласың, азыртадан бөлүп, ар кимисин ар кайсы жакка таратып жибер десе, тил албай коёт. Жаман оюн ишке ашыруу үчүн Көкчөкөз инилери менен кеңешип, байкап келмекке Манастыкына барат. Манастын тууганым деп үзүлүп-түшүп, урматтап кабыл алганын Көкчөкөз коркконунан кошамат кылып жатат деп түшүнөт. Көкчөкөз Манаска ысыкка көнбөгөндүк кылып кыйналып жатышкандыктан салкын, малга жайлуу жер сурап келгенин айтат. Манас сакалдуулар менен эл билген билермандарды чакырып кеңешип, Көзкамандар Ат-Башыга жашасын деп чечишет. Кашкарга жакын, четирээк барып камданып алып, Манасты анан жайлайын деп ичинен кымылдаган Көкчөкөз үйүнө келет. Көзкамандар Ат-Башыга көчүп, баатырдын туугандары менен кошо барабыз дешип, Мендибай баш болгон айрым адамдар кошо көчүп барат.

**Көзкамандардын Манасты кырк чоросу менен ууландырканы** — «Көзкамандар окуясынын» негизги бөлүмү — күрөштүн курчушунун өсүп жеткен чеги. Ат-Башыга көчүп барып элдин чети, ээн жерге жайланышкан Көзкамандар Манасты жок кылуу үчүн даярдык көрүп, Кашкардан чачама дары, көбүрмө дары деген ууларды алдырып, бозо салдырып, арак

тарттырып коюп камданып эшиктөрүбүздү көрүп, даам татып кеткиле — деп Манасты кырк чоросу менен конокко чакырышат. Ак көңүл, алакөөдөн Манас барбактап, мактаныч кылып, алыстан келген жаңы тууган чакырып келсе барбай койгонубуз болбос — деп жөнөөгө камынат. Бир балакет кылар бекен деп ойлогон Алмамбет барбайлык деп туруп, бирок Манасты тууганынан бузган сыяктанып калбайын, кол сала койбос, кол салган күндө да Көзкамандардын кимге алы жетмек эле деп тим болот. Манас кырк чоросу менен Ат-Башыга барып, Чеч-Дөбөнүн оюндагы Көкчөкөз атайын даярдаткан үйлөргө түшүп, ал күнү жай конок болушту. Эртеси Көкчөкөз келип менин өз үйүмөн даам ооз тийгиле — деп өтүндү. Тоодон бугу көргөн Серек менен Сыргак таң эрте ууга чыгып кетет. Оттогу аттарга бараткан Баймат менен Бозуулга Меңдибай жолугуп, Көкчөкөздүн аш-тамагын татпагыла — деп күбүрөп өтүп кетет. Көкчөкөз өзү баштап баатырды чоролору менен айылына алып барып, даярдаган үйгө түшүрүп, уу кошуп белендеп койгон тамактарды жакшылап сыйламыш болуп аябай бере бергиле деп инилерине тапшырды. Меңдибайдын сөзү эсинде калган Бозуул кымыздан бир аз ичип, аттардын жанына барып, мас болумуш болуп жатып калды. Калгандар Манас баштап бүт ууланышат. Манас бүгүн өлөт деген күбүр-шыбыр сөздөрдү уккан Бозуул үйдү шыкаалаласа кырк чоро бүт сулк жатат. Көзү тунарган Манас боюн токтото албай, улам бир жагына ооп араң олтурат. Колдорунда кылыч, канжарлары белен Көзкамандар баатырды тегеректеп, ыкыс берип, жалт караса жалтанып артка кетенчиктеп турушат. Туугандарынын жаман оюна көзү жеткен Манас арманын айтып наалыш кылып, Бакайды жоктоп, анан Карабөрк, Акылай, Каныкейди атап, жанымда болсо

жардамы тиет эле дегенде угуп турган Бозуул жалаң катындарын эстейт — деп нааразы болду. Алмамбетти баш кылып кырк чоронун ар биринин атын атай баштаганда тыңшап турган Бозуул Мени атаар бекен? Атаса өлбөгөн жерде калып жардам берейин, эскербесе мага да жан керек, өлбөс оокатымды кылайын деп ойлоду. Манас кырк жигитин бүт атап, туяксыз өтүп бара жатканына, жалгыздыгына арман кылып, эч болбосо жанымда күйүшөр жакын тууганым өткүрүм Бозуул турсачы! — дегенде Бозуул Манаска Көзкамандар да тууган, менин да туугандыгым ырас. Ушундай учурда баатырды өлүмгө таштап баса берсем Көзкамандардан айырмам жок болуп калбайбы! — деп кайратына келип, бирок, жалгыз өзү кантип жардам берерин айласын таппай турду. Аңгыча буга капкайдагы сөздөрдү айттырып коюп угуп тура бербей чаппайсыңарбы кылыч менен деп Чагалдай кайраттанды эле, Дөрбөлдөй: Манаста атаңдын күнү бар беле? Өлөрүнө көзү жеткенде өкүнүп арманын айтып жатпайбы. Айтканы жалганбы, анын эмнесине теригесиң — дейт. Манаска болушканы жүргөн го, кармагыла Дөрбөлдөйдү деген Көкчөкөздүн буйругу боюнча Дөрбөлдөйгө жабылышты. Токолдой менен Арбалдай Дөрбөлдөйгө болушуп, Көзкамандар эки жаат болуп, жакалашып, бири бирин сүйрөп сыртка чыгып, Манастар олтурган үй бош калды. Шыкаалап турган Бозуул үйгө кирип, Манасты жөлөп сыртка алып чыгып, Аккулага мингизип, качырып жиберди. Манас жөнөй бергенде көрүп калган Көкчөкөз, Аккелтени ала коюп артынан кууп жөнөдү. Кыбыланы көздөй качкан Манас Арпанын талаасын басып өтүп, Сөөктү өрдөп, тар кыя жол менен өйдө чыгып баратканда Көкчөкөз артынан жетип, ойдон туруп Манасты Аккелте менен атты. Манаска ок жаңылып, кууланган боюнча аты менен бийик зоодон кулап кетти. Көкчөкөз канкорду жайладым деп көңүлү тынып, кайра тартты. Манас качып кеткенден кийин кырк чилтен дуба менен кырк чорону ТогузТородогу Көңдүк тоосунун этегине Дөдөмөлгө

үчүрүп барып таштады. Үйүнө кайткан Көкчөкөз элин дүрбөтүп, Таласка көчүүгө камдана баштады. Эртең менен аң уулап кетишкен Сыргак менен Серек кайра келишип, дүрбөгөн элди көрүп, бир баладан сурап Көзкамандар кырк чорону бүт өлтүрүп, Манасты качырып, Көкчөкөз артынан кууп барыптыр дегенди угушуп, айылга бурулбай шашылыш жүрүп Аккуланын изин кууп келип кулаган жерден Манасты таап, суу жуткуруп, эс алдырышып, жарасын таңып, дары беришет.
Каныкей түш көрсө Манасты кочкор сүзүп, жамбашы кокустап баса албай калат, ага жардам берейин десе алдынан бир адам чыгып азыр барууга болбойт, баатыр менен көрүшөрүңө жети... деп бара жатканда ойгонуп кетет. Бир кырсык болорун сезип, жети күнбү, айбы, жылбы? — деп бушайманда калат да, мурдатан даярдап жүргөн жашырын үңкүрүнө дүнүйөлөрүн катат. Бакайдын ичинде калганын байкабай, үңкүрдүн оозун бекитип салат.
Көкчөкөз Таласка көчүп келип, элди чогултуп, Манас өлдү деп Мазаке дегенине жар чакыртат. Эл ишенбей Мазакени шылдыңдап күлүп, тарап кетишет. Ошондон «Мазаке кылбачы» деген ылакап кеп айтылып калат.
Окуядагы арак ичип ууланууу, Манастын качышы, ок тийип, зоодон кулоо Радлов жазып алган вариантта Сагымбай Орозбаковдун вариантына окшош берилген. Саякбай Каралаевдин вариантында Көзкаман, Көкчөкөздүн келатканын угуп Каныкей алар түбү душмандык кылат, жолдон тосуп тындым кылып сал десе Манас ачууланып, аны урушуп коёт. Көзкамандарга арналган тойдо эл тамашага алаксып жаткан topолоңдон пайдаланып Көзкаман Манасты жалгыз чакырып үйүнө алып барып аракка уу кошуп берет. Ууланып шайы кеткен Манасты өлтүрүү үчүн тегеректеп турган Көзкамандар даай албай турганда Манас жакын адамдарын эскерип наалыш кылат. Сырттан тыңшап турган Акаяр атын атаганын угуп, үйгө кирип, калмактарды сүрүп, Манасты көтөрүп сыртка чыкканда Манастан чочулаган Каныкей Аккуланы минип Көзкамандардыкына келе жаткан болот. Алып кач деп Акаяр Манасты Каныкейге өңөртүп, өзү Көзкамандардын жолун тосуп урушат. Көзкамандар аткан ок Каныкейдин эмчегин жарып кетет. Каныкей Манасты Бек-Жайлоодогу үңкүргө жеткирип, дарылоого кирет.

## №9-ТЕМА. КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ.ЧОН КАЗАТ.

Ташкендин каны Көкөтөй кабыргасынан кагынып, катуу ооруп, өлөрүнө көзү жеткенде Байдын уулу Баймырза деген тууганын чакыртып алып кайнына кеткен уулум Бокмурунга айтып кой деп керээзин айтат: Артымда жер жайнаган малым, канча казына толтура өлүү дүнүйөм калды, Мен өлгөндө уулум аш берем деп оолугуп көп эл чогултуп, дүнүйөмдү чачпасын, келиндин оюнундай, кемпирдин тоюндай кылып эптеп көөмп койсун дейт да, атанын тапкан, жыйган дүнүйөсү балага опа болбосун, ар кимдин өз тапканы, өз ырыскысы бар экенин балам эсинен чыгарбасын, не күндө да Манаска кабар берип, аны менен кеңешип иш кылсын — деп эки ача маанидеги сөз айтат. Керээзин айтып, эли менен коштошуп Көкөтөй бай көз жумду. Ал элге кайрымдуу, калыс жакшы адам экен, тургандар чур этип үн чыгара кейип, өлгөнүнө өкүнүштү. Ушундан тартып кыргыздарда өлүккө өкүрүү адаты калды. Атасын жайына алып койгондо уулу Бокмурун келди. Атасын көзү тирүүсүндө көрүп калбаганына катуу өкүндү. Жаңы келген келин Канышай кайнатасынын кайтыш болгонуна кейиш кылды. «Койчунун таягынан, келиндин аягынан» деген ылакап кеп ушундан калды. Элдин өкүрүгү басылганда Баймырза Бокмурунду четке чакырып чыгып, атасынын

керээзин угузду. Бокмурун эмне кылалы? — деп Баймырзадан акыл сураса, анча-мынча мал союп эле көмөлү дейт. Баймырзага наараазы болгон Бокмурун: кой, атам өзү тапшырган экен Манаска барайын! — деп Мааникерди минип аттанып Манаска келип акыл сурады. Атаңды чоң салтанат менен жакшылап кой, дүнүйө аяба, керек болсо табабыз, атам Көкөтөй өлдү, келип топурак салгыла, келбесеңер чаап алам — деп, катуу-катуу сөз айтып, туш-тушка кабар бер! — деп, Манас баланын көөнүн жайлап, кайра жөнөттү.
Манастын кеп-кеңешин угуп, үйүнө кайткан Бокмурун башы Жызак менен Жөлөк, аягы Ысар менен Көлөпкө чейин атама топурак салсын деп кабар айттырып, өтө көп эл жыйып, келгендерди урматтап тосуп, бей-бечара, жакырларга Көкөтөйдүн эсепсиз малынан мүчө берип, сөөктү кырк күн сактатып коюп, кемеге ашына ат чаптырып, чоң салтанат менен көмөт. Ага удаа кырк ашын берди. Ашты Кошой башкарды. Келгендер кеткенден кийин өз элине Бокмурун эки жыл өтүп, үчүнчү жылы атама чоң ашын берем, ошого чейин баарың камдангыла, керектүүнөрдү Көкөтөйдүн казынасынан алып, малыңарды сарп кылбай, төлдөтүп көбөйткүлө — деди. Жалгыз улак мал сатпай, жарым табак дан сатпай бүт эли камданып, айткан убактысы бүттү.

Үч жыл өтүп, көргөн камылгасы карк болгон Бокмурун атайы үй тиктирип, туу көтөртүп, Кошойду баш кылып, эл билермандарын жыйып алып, атам өлөрүндө аш берсин деп керээзин айткан экен, карызымдан кутулайын деп ар түрдүү дүйнө чуктадым. Кыямат кайым болгуча кылым журт айтып жүргүдөй аш берсем деген оюм бар, кандай дейсиңер? — деп, сурады. Кошой Бокмурунга ыраазы болуп, чогулгандар да Бокмурундун оюн кубатташты. Аш берүүгө ылайыктуу жер деп Каркыраны жактырышты. Кеңешке келгендерди узатып, Бокмурун казак — кыргыздан үч жүз миң үй чогултуп, Каркыраны көздөй элин көчүрүп, Үч Каркыранын боюна, Үч-Булактын оюна жетип үй тигишти. Каркыранын талаасы ээн, чөбү үзөңгүдөн экен. Токсон миң жигит тоодон отунга арча, четин, карагай кыркып ашка камылга көрө башташты. Бокмурун кимдерди чакыралы деп кеңеш салса Баймырза казак менен кыргызга, калмактардын азыраагына айтып, ашты өткөрүп, милдеттен кутулалы — дейт. Наараазы болгон Бокмурун аны кагып таштап, алтымыш уруу тил билген, акылдуу бала жаш Айдарды чакырып алып, Мааникерди мингизип, күндүн чыкканы менен батканындагы аралыкта жашаган элдерге бүт кабар бер деп жөнөтөт. Бадакшан, Балыктагы Маамытсултан канды, Мысыр менен Көпөнүн чоңу Сейиттин уулу Кемелди, даңгыттардын чоңу Чоюн алпты, бараң элинин улугу Балтаматты, Сыймун аралындагы жапандарды башкарган Көтөрүштү, калмактардын дөөлөрү Жолой менен Ушаңды, Кырмустун уулу Мурадылды, кызыл чоктуу Нескараны, Алоокени уулу Коңурбай менен, кара жалдуу Бороончу менен каңгайлардын Оронгуну, Кубө деген жердеги дугул деген элдин Киеңкес, Кишидаш аттуу дөөлөрүн, тогуз уруу барандын Чатанайыш канын, дөбөттүн беги Дөмүлдү, Акун кан, Кошой карыны, Төштүк, Жамгырчы, Үрбү, Жүгөрү, Чегиш, Манас, Багышты чабар атын байлап, элин шайлап келсин деп ашка чакыртат. Манастан башкаларынын баарына келбесе чаап ала турганын да айттырат. Кабар жетип, келүүчүлөр камданып, жолун кошо эсептегенде башаягы бир жылга айланып, коноктордун келер учуру болду деп күтүп турушканда элдин алды болуп Толтой аттуу баласын ээрчитип жедигердин Багышы төрт миң адамы менен келип түшөт. Анын артынан жүз миң колу менен Коңурбай, ага удаа Мурадыл, Нескара, Ушаң жана башка чакырылган элдер, баатырлар — кандар өз колдору менен ашка келишет. «Сыпаанын

жолу башка, барбай болбойт ашка» деп жер үстүнө чыкканга жети эле күн болгон төрө Төштүк да келет. Коноктор келип бүтүп, Манас баатыр гана кечигип жатты. Элди ашка чакырып жүргөн жаш Айдар Бокмурундун бар деген жерине барып, айт деген сөзүн айтып ирети менен аягында Манаска кабар айтканы Таласка кайрылат. Айдар барганда Манас үүга кетип ордосунда жок экен. Сыргак, Серек, Чубак үчөөнө жолуккан Айдар Бокмурундун Манаска опуза айтпа дегени эсинен чыгып кетип, тигил үчөөнө да келбесең чаап аламын дейт.

Серек чылбырдан кармай калып токтотуп, оозуна келген кепти айтып опурулган тың немени алы канча болду экен көрөлүчү?!— деп аттан оодара тартып, өлтүрмөк үчүн Айдардын киймин чечип кирди. Абийиримди ачпа, андан көрө башымды чаап ташта — деп Айдар чыркырап жатканда Манас келип калат. Иштин жөнүн уккан Манас каткырып күлүп, буга өкүм сөздү айттырган мен өзүм деп түшүндүрүп, Айдарга чапан жаап, ат мингизип, аз күндө барарын айтып аткарып ийди. Манас элине кабарлап керектүү камын бүтүрүп, кырк чоросун ээрчитип ашка келип түшөт. Бокмурун Манасты урмат менен тосуп чыгып, Арчатору тулпарын тартып, алдына дилде чачтырды. Кошой баш болгон Көкчө, Төштүк, Жамгырчы, Багыш, Агыш, Үрбү, Жүгөрү да тосо чыгып учурашты. Мынча неге кечиктиң? Бир айдан бери күтүп, келген коноктор талап жеп жатып элдин шайы кетти — деген Кошойдун сөзүнө Манас намыс үчүн ойлогон ою бар экенин айтып, дүнүйө-мал үчүн кайгырба деп камырабады. Манастын артынан Каныкей көчө келди. Манас менен Бокмурун кеңешип, аштын бийлигин Кошойго ыйгарышты.

Окуя кыскача, өзүнчө вариациялары менен Радлов жазып алган вариантта бар. Ч. Валиханов жазып алган үзүндүдө алда канча кенен берилип, көп жагынан Сагымбайдыкына жакын болгон менен окуянын өнүгүшүндө орчундуу айырмачылыктар да бар.

Саякбай Каралаевдин вариантында Көкөтөйдүн көр байгесин өткөргөн соң Бокмурун Кошойду баш кылып калайыкты жыйып алып, капыр менен мусулманды бүт жыйып атасына аш бере турганын билдирет. Кошой анча көп эл чогулса каш кайтарар адам жок кордук көрүп калбайлы, Манаска кабар айтып, кеңеш сал деди эле, Бокмурун моюн толгоп, Манасыңа барбаймын, ага кеңеш салбаймын, андан көрө өзүң аш башкарып бер, аш берер жердин жайын айт — деп коёт. Кошойдун кеңеши боюнча аш берүүгө ылайыктуу жер деп Үч-Каркыра тандалат. Бокмурун ташкендеги өз элин азем менен көчүрүп, Каркырага жетип үй тигет. Ашка Кошой, Төштүк, Урумкандын Көкбөрү келет. Бокмурун ашка адам уулу болгондун баарын чакырып, келбегендерди чаап аламын — деди. Кас-дос бүт келсе, аш берген киши айыпкер дейт, талоонго түшүп калбайлы, чактап эле чакыр деген Баймырзаны жемелеш Бокмурун жаш Айдарга Мааникерди мингизип, нойгут Карачаны, Котондун каны Жүгөрүнү, Жеркендеги кан Жортуулчуну, Оогандын каны Акунду, Чамбыл-Белдеги Жанаалы, Карачты,Урумкандын Көкбөрүнү, Кокон каны Козубек менен Маргаландын Малабегин, Букардын каны Темирканды, жедигердин Багышы, Кара-Чөлдөгү Агышты, Буудайык кандын Музбурчагын, Эйбит таздын Үрбүсүн, Текечи кан, Шыгай канды, эштектердин Жамгырчыны, Иледеги Эдигей, Тейишти, Айдаркандын Көкчөсүн, калмактардын Жолоюн, солондордун улугу Ороккырды, манжу каны Нескараны, тыргооттун каны Канышайды, кытайлардын Коңурбайды, Дөөдуралыпты, Түкүбай балбанды ашка келсин деп айттырды, келбей калса чаап алам деп эскертти. Аты аталгандар, аталбагандар жүздөгөн кошундары менен ашка келишти. Келгендердин баарын жайгаштырып, союшун камдап

күтүп алышты.

Ар бир белгилүү баатырга
Бокмурун тартуу тартты.
Жолойдун эт уурдаганы,
Коңурбайдын күч менен
Мааникерди сураганы —
сюжеттин татаалданып өнүгүүсү — окуядагы жаңы бутак.
Жолой конокко тарткан этке алымсынбай кемеге башына келип, казанда кайнап жаткан этке кол салып, жей баштайт. Эт бышырып жаткан Сукумбек аттуу баланын чакыруусу менен атчан өтүп бараткан Бокмурун кайрылып, Жолойго жолуң болгур, ушул сен кыла турган ишпи — деп ачууланат. Эки казан этти жеп одурайып карап турган Жолой дөө Бокмурундун кебине көңүл бурбай, минген аты Мааникерге көзү түшөт. Алакандай буругта ушундай мыкты тулпар турганы кандай, эмдигиче тартып албай биздин калдайлар эмне болушкан? — деп ойлойт да Коңурбайга жөнөйт. Мааникерди ыгын таап тартып алуу керек деп Коңурбайды көкүтөт. Жолойдун акылын туура көрүп, ашты шылтоолоп Мааникерди тартып алмакчы болгон Коңурбай жигиттерин жиберип Бокмурунду чакыртып алат. Манасты менден жогору көрүп ал келгенде ат тартасың, мени тоготпойсуң. Ашыма чыр салбасын десең Мааникерди бер — деп, опузалайт. Бокмурун Кошойго келип акыл салса берүү керек го, бирок Манаска бир ооз айтып коёлу деп, бир канча адам Манаска келишет. Кошойдун сөзүн угуп, ачууланган Манас бүгүн Мааникерди сурап алса, эртең Аккуланы, бүрсүгүнү Чалкуйрукту бер дебейби. Коңурбай мага тийиштик кылгысы келген экен го — деп, өз колуна аттанууга буйрук берди. Мурдатан мыкты камылга менен келип, даяр турган Манастын кошуну кытайларга ат коюп, камсыз жаткан немелерди четинен кыйратып киришти. Коңурбай камдангыча кыргын кылып кетер, ат албасам жок, Кылгараны тартуу тартып, Манасты токтоткула! — деп сабылды. Кыйды неме сактанып, Алгараны минип жалгыз колдон чыгып качып кетти. Алооке кары баш болгон кытайлар Кылкараны тартып алдынан чыгып, Манасты токтотушту. Жаңжал басылып, эл кош — кошуна тарады.
Нескара Коңурбай менен Жолойго кеңешип, буруттардын эсебин алып, алптарын сынайын, арасында бизге каяша берер адамы жок болсо чыр чыгарып, талап алалы деген бүтүмгө келишет. Манжунун каны Нескара Кошойду баш кылып кыргыз баатырларын бирден сынайт да, Манастын жоктугунан пайдаланып үстүнө алтын артып, Мааникерди тартуу тарт деп Бокмурундан талап кылат. Эси чыккан Бокмурун Кошойго барып акыл сурайт. Кошой өзү кат жазып, Мааникерди мингизип түнү менен жаш Айдарды Манаска кабарга жөнөтөт. Элдин башына кыйынчылык түшкөнүн уккан Манас калмак-кытайлар кемегени талап, кыргыздар качып калган учурдун үстүнөн чыгат. Кошой калмактардын көптүгүн айтып, Мааникерди берип кутулалы дейт. Манас Кошойго наразы болуп, ачууланып, кырк чоросу менен манжурларга кол салып, четинен кыйратып кирет. Коңурбай, Нескаралар кечирим сурайт. Кошой, Бакай арага түшүп, чыр басылат. **Аштын шаан-шөкөттөрү** — бөлүмдүн негизги окуясы, өнүгүүнүн жеткен чеги. Көкөтөйдүн көк туусун дөбөгө тигип, элди чогултуп, аштын аземин баштамак болуп, чабылуучу аттарды чубатууга салып, байгесин угузат. Атты айдоонун алдында чабылган аттар кайсыл жерден кайра тартарын сурап Манастан жооп күтүшөт. Ал жооп бергиче Үрбү эки күндүк жерден коё бергиле! — дейт. Манастын каары келип: кызыталак кул, мындагы кишини

көзүнө ил! — деп, камчы менен Үрбүнү оройго тартып жиберет. Камчынын учу артыла тийип Үрбүнүн жаагы айрылат. Манаска бул эмне кылганың? — деп Кошой ачууланса, Кошой болушканга эрдене түшкөн Үрбү «Самарканда сарт Манас, сары кулак ит Манас, мен сага дарт болормун, ажалың менден" — деп опурулат. Үрбүнүн орой сөзүн уккан Кошой Манастын ачуусунан чочулап, «Үнүңдү бас, түпкө жетесиң" — деп аны коштоп топтон чыга качат. Ачууга ууккан Манас Кошойду кыя албай, бир топ буулугуп туруп, өзүн-өзү араң тыйып, күтүп тургандарга аттарды алты күнү нары айдап, анан коё бергиле деп тапшырды. Алтымыш адам ат айдап, алты миң адам жолго туруп, чабылган аттар адашпас үчүн жол көрсөтмөк болду. Ат айдалып кеткен соң, элге аштын тамагы тартылды: кызматкер балдар колго суу куюп, дасторкон жайылып ошончо элге бир дасторкон жетти. Кошой өзү табак жасап, Манас атчан элди аралап иреттеп жүрдү. Киши башына экиден табак тартылып, кулак үгүп, көз көргөн даам бүт берилди. Эки күн, эки түн Бокмурундун сыйын көрүп эл тамакка тоюнду, ислам журту куран окуп, бата кылды. Чабылган аттар келгиче эл зерикпесин үчүн аштын башка тамашалары башталды. Алты жүз узун устунду бири-бирине улап, орнотуп, башына туура жыгач аштап, ага кырк эки танап менен алтын жамбы илип ат менен чаап баратып атып алышсын деп жар чакыртты. Ошончо эл адегенде атчан, анан түбүнө туруп алып аткылап, эч ким жамбыны түшүрө албады. Элдин ок-дарысы түгөнгөндө Манас баш болгон кырк чоро алды менен согуш өнөрүнө маштыгын көрсөтүп, акырында чоролордун ар бири атып жамбынын бирден танабын кыйып, жалгыз танапка илинип калган жамбыны акырында Манас атып түшүрүп, олжосун Кошойго тартуу тартты. Балбан күрөшкө чыккан Жолой дөөгө каршы барар киши чыкпай, белгилүү баатыр, балбандар баш тартканда Манастын өтүнүчү боюнча Кошой өзү чыкмак болот. Ага кийүүгө ылайыктуу кандагай табылбай, Каныкей атайлап даярдаган шымды кийген Кошой эркек балалуу бол! - деп, бата берди. Аны менен кошо ал жердеги чогулган эл бүт чуркурап бата кылды, жер дүңгүрөп калды (Семетей ошол батадан бүткөн бала делет). Эки балбандын узакка созулган күрөшү Кошойдун жеңиши менен аяктап, ал алган байгесин элге таратты. Таз сүзүшмөйгө кытайлардын Мардыкелең деген тазы майданга келип, ага каршы таз чыкпаган соң байгени алып кайтты. Төө чечмейге кангайлардын Оронгусу, эркектен Мардыкелең чыгып, тийиштүү байгесин алышты. Эр сайышка Коңурбай чыгып, ага каршы барган Манас сайып аттан түшүрүп, байгесин элге бөлүштүрдү. Эр эниште күн батыш элдеринен чыккан Чыноончүк аттуу балбан кытайлардын Шаңдөөгөр дөөсүн оодара тартып кетти.

Болжогон бир апта — жети күн бүтүп чабылган аттар келер убак болду деп жалпы журт атка минип камынды. Байгенин көбүн алдырып, өзү да жеңилип калып ыза болгон Коңурбай чыр чыгарып, бурууттарды кыйрата чаап кетели, аты чыгып келсе алдын тороп жыгып салгыла — деп, элине жардык айтты. Коңурбай өзү баш болуп ат тандап минишип, чабылган аттардын алдын утурлай барып жол тосуп калышты. Келер аттарды утурлап Чабдардын белине чыгып, жол караганда Манаска Суук-Дөбөнүн оюнан чаң чыгып, күлүктөрдүн алды көрүндү. Эң алдында Жолойдун Ачбууданы, анын артынан Төштүктүн Чалкуйругу келе жатыптыр. Эми кызыган Аккула алардын артынан жетип калган экен. Коңурбай баш болгон кырк төрт кытай жабылып, аттуу эки жайсаңын жолго туурасынан коюп Аккуланы жыгууга аракет кылып калышты. Кызып чуркап алган Аккула жолду тоскон эки атчандын үстүнөн аттап өтүп кетти. Коңурбай Алгарага камчы уруп аттын омуроосу менен урдуруп кетмек болуп Аккуланы туурасынан качырды.

Муну көргөн Манас Арчаторуга камчы салып чаңга аралаша Аккулага жакындап калган Коңурбайга жетип, атымда, калча, эмнең бар?!— деп камчы менен оройго салып өттү. Эси эңгирей түшкөн Коңурбай атынын жалын кучактап токтоп калганда Аккула узап кетти. Атка карасанаган андай эмес, мындай! — деп Алмамбет алдыда бара жаткан Ачбууданды качырып жетип камчы менен чокуга чаап өттү эле, ал мүргүп барып жыгылып, араң турду. Ачбуудан оңолуп кайра жолго киргиче Чалкуйрук узап, дагы үч ат өтүп кетти.

Бул эмне кылганың? — деп Жолой үтүрөндөп Алмамбетке барды эле, Аккуланы жыгууга Контөрөң мурда аракет кылбадыбы — деп бастырып кетти. Алмамбетти атмак болуп жаасын белендеген Жолойду көргөн Чубак жете келип айбалта менен оройго салып өттү.

Эси эңгиреп жаасы колунан түшкөн Жолой кол салганы камданып калган кырк чорону көрүп калмактардын арасына кире качты. Байгеге кирген аттарды бирден санап, алтымыш атты өткөрүп, Манас, Кошой даекчилерди тескеп, баш байге кыргыздыкы деп көңүлдөрү жай байге таратып жүрүштү.

Чоң ашты берүү, анын тамашалары айрым өзгөчөлүктөрү менен Радлов жазып алган вариантта да негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын, көп деталдары окшош айтылат. Ошондой эле Валиханов жазып алган эпизоддо да сөз болгон окуялар негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына көп жактан окшош, айрым өзгөчөлүктөрү да бар.

Керээз, өлгөндү коюу, аш даярдыгы, аны өткөрүү өңдүү салттык жөрөлгөлөр, анын ичинде ат чабуу, эр сайыш, балбан күрөш, жамбы атуудан баштап, төө чечмейге чейин эл арасында кеңири белгилүү каада-салттар болгондуктан эпостогу бул окуяларды даяр сюжет катары кароого болот.

Саякбай Каралаевдин вариантында Манас келгенде чатак басылып, эл жарашып, аштын тамашалары башталат. Балбан күрөшкө чыккан Жолойго каршы барууга киши жок, Манастын өтүнүчү боюнча Кошой чыгат. Каныкей атайы Кошойго арнап жасаган кандагайды кийип, Кошойдон эркек балалуу бол деген бата алат. Кошой бата бергенде мусулмандарга кошулуп ырымы ушундай экен деп капырлар да бата берет. Күрөштө Жолойду жыгып, Кошой намыс алат. Экинчи жолку күрөштө кытайлардын түктүү таман Түкүбайын чыканактай эр Агыш жыгат. Манас менен Акункан бел куда болушат. Төө чечмейге Оронгу чыгат. Жар чакырылып чабыла турган аттар айдалат. Эр сайышта Манас менен Коңурбай беттешип, Манас жеңет.

Жамбы атышта да кырк чоро бирден танабын үзүп, акыркы танапты Манас кыя атып, мерөй алат. Чабылган аттар келер учурда Бакайдын акылы боюнча калмак, кытайлардан сактануу үчүн Алмамбетти кытайча кийинтип, ат сүрөөгө жиберишет. Ал кытайча, калмакча ураан чакырып Аккуланы сүрөп, кытай, калмактардын арасынан аман алып өтөт. Аккула чыгып келет. **Калмак-кытайлардын байгеге зордук кылганы** — бөлүмдөгү жыйынтык окуя. Чыккан аттардын байгесин таратып Манас кошко кечигип келсе Коңурбай баш болгон калмак, кытайлар үчүнчү болуп барган Ачбуудандын байгесине биринчи келген Аккуланын, экинчи келген Чалкуйруктун байгесин кошуп айдап кетишиптир. Атынын байгесин алдырган Төштүк ыза болуп, алардын артынан куүй кетиптир. Алардын артынан Бокмурун да аттаныптыр. Байгеге сайылган малды кайтарган адамдардын кытайлардан аман калгандарынан иштин жайын уккан Манас баатыр каарданып, куугунга жөнөдү.

Байгени талап алып Төтөнү көздөй жөнөгөндө Жолой Чанактагы айылым тоодон түшүп, жол боюна конуп, Коңурбай баатырды тосуп алууга мыктылап даярдансын деп кабарчы жиберген экен. Жолойдун айылы

Кулжанын маңдайындагы Курдум суунун боюна конуп, тойго камданып жатышты. Олжо малды айдаган кытайкалмактар Кулжага жакындаганда элге жеттик, эми малды кыйнабай жай айдап келе бергиле! — деп Жолой алдыга кетти. Жайбаракат бара жатышканда артынан куугун жетип, каптап келгендерге туруштук бере албай кытай-калмактар туштушка качып калышты. Коңурбай, Мурадыл, Нескара, Оронгу төртөө кырылгандан калган колун жыйып, урушууга бел байлашты. Чылабалап ураан чакырып жекеге чыккан Коңурбайга каршы баруугa Манас камданып жатканда Бокмурун Кошойдон бата алып майданга чыгып кетти. Аты күлүк неме Коңурбай камдангыча жетип барып найза салды. Анын найзасынан ээрдин артына кетип жыгылбай калган Коңурбай ээрине кайра минмекчи болуп обдулганда бурулуп келген Бокмурун калчаны ачык жери көчүккө найза менен сайып жарадар кылды. Шаштысы кеткен Коң төрө намысты коюп элин карай качып берди. Бокмурун артынан жетип оңдоп найза саларда Нескара чыгып, найзасын кагып жиберип, Коңурбайды куткарып кетти. Муну көргөн Манас кырк чоросу менен ат коюп, артынан бүт колу каптап кирди. Кытайлар туруштук бере албай качып жөнөштү, азы кутулду, көбү кыргын тапты. Качкан калмактарды кубалап айлына бармак болгон куугунчуларды койгула, балдар, аралаш жүргөн туугандарды элбиз деп Кошой тыйды. Көпчүлүк ага болбой Жолойдун айылын бет алышты. Манас Жолойдун айылына барып, үйүнүн сыртында тыңшап турса, кыргыздарды кыргын кылдым, бүт талкалап чаап келе жатабыз! — деп, мактанып олтуруптур. Жолойдун аялы Айганыш эстүү адам экен, түгөнгүр, түпкө жеткен экенсиң! — деп кайгырды. Аялына ачууланган Жолой урмак болуп кубалап, качкан катындын артынан сыртка чыкканда Манас баатыр айбалта менен көк желкеге чаап жыгып, аңдып турган колуна каптагыла! — деп, белги берди.

Өлтүрбөгүлө, башына зыян кылбагыла! — деп Кошой кошунду тыйып, Манастан соогат! — деп Жолойдун жанын сурап алып калды. Куугунчулар Жолойдун айылын чаап алып, аман-эсен кайра тартышты.
Байгеге зордук, ага байланыштуу согуш Радлов жазып алган вариантта да бар. Бирок, окуялар системалуу берилбеген, сюжетте карама-каршылыктар да учурайт.
Валиханов жазып алган эпизод боюнча Жолой Аккулага тиешелүү баш байгени, Бокмурундун агар алтын, ак күмүшүн талап алып, Манасты тоготпой кетип калат. Манас, Кошой, Төштүк, Көкчөдөн жана башкалар жардам сураса алар жооткотуп болбой коюшат. Манас таарынып жер ортосу Боз-Дөбөгө чыгып жатып алат. Жыйырма чоросун Каныкейге азык алып келүүгө, төкөр уста Дарканга ак болот жасап берсин деп жиберип, жаз болгондо жортом деп камданат.
Саякбай Каралаевдин вариантында Жолой баш болгон калмак-кытайлар чыгып келген Аккуланын баш байгесин талап кетишет. Көп жоого Манас жеке кол салып, калмактарды аралап барып камчы менен Жолойдун жаагын айра чабат. Манаска кошулуп баатырлар бүт кол салып, качкан жоону кубалап, байгеден алда канча көп ат олжолоп калышат.

# №10-ТЕМА. «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ КААДА-САЛТ, ҮРП-АДАТ.

“Манас” эпосундагы улуттук оюндардын сүрөттөлүшү жогорку деңгээлге көркөмдөлгөн. Эпостогу көчмөндүү кыргыз элинин жашоо – турмушу, каада – салты, үрп – адаты, башка улуттар менен болгон карым – катнашы, согуштук жеңиштери, атактуу баатырларга арналып өткөрүлгөн аш – тойлор ар дайым улуттук оюндар менен коштолгон.
Кыргыздар ат үстүндөгү оюндардан тартып, акыл – эсти тарбиялоочу оюндар (тогуз коргоол, чатыраш ж.б) шамдагайлыкты талап кылган оюндарды ойношкон.

Эпостогу улуттук оюндардын өтө көркөмдүк жактан чагылдырылышы жана бардык түрүнүн ойнолушу менен “Көкөтөйдүн ашы” эпизоду белгилүү. “Көкөтөйдүн ашында” кыргыз элинин көркөмдүк маданияты, конок тосуу, узатуу белгилери таасын чагылдырылат. Андан сырткары, кыргыз улуттук оюндарынын бардык түрү башка улуттун өкүлдөрүнө көрсөтүлгөн.

“Манас” эпосундагы өтө көп чагылдырылган оюндар бул – ат оюндары. Баса белгилөөчү эпостогу окуялардан “Каныкейдин Тайторуну чабышы” бул эпизоддо. Каныкей жөн гана Тайторуну чапкан жок. Бул жерде, кыргыз элинин байыркы салт – санаасын атадан балага өткөрүп берүүнү аламан байге (ат чабыш) аркылуу көрсөтө алган. Төмөндө “Манас” эпосундагы өтө орчундуу сүрөттөлгөн оюндарга токтолуп, түшүндүрмө берели.

**Ат чабыш (**байге) – эпосто кеңири жолуккан кыргыз элинин улуттук салт оюндарынын бири. Дагы бир аты – Аламан байге. “Манас” эпосунда ар бир таң тамаша ат чабышсыз өткөн эмес. Эпосто “Атты айдатып ийгени, Атпай журттун баарысы Ашты көздөй киргени”, - деп айтылат.

Ат чабылып кеткенден кийин башка оюндар аттар келгиче ойлоно берген. Манасчылар чабылчу күлкүлөрдүн марага келиши өзүнчө сүрөттөгөн.

**Көк бөрү, улак тартуу -** кыргыздын улуттук мелдеш оюну. Атчан адамдар эки тарапка бөлүнүп, башы кесилген улакты, кээде, торпокту белгилүү эрежеге ылайык тартышат. Эпосто:

*Бөлүнүп ордо, чын мөрөй,*
*Айтпай турган жер бекен?*
*Жатпай оюн, көк бөрү,*
*Тартпай турган жер бекен?* – деп сүрөттолөт.

**Эр сайыш –** жоокерчилик замандан бери аш – тойлордо ойлонуучу оюн – шоок, баатырлардын жекеме – жеке ат үстүндөгү эрөөлү. Аскердик демократия мезгилинде согуш мамилеси негизги орундардын бирин ээлеп, ар кандай пикир келишпеген маселелердин көбү куралдын күчү менен гана чечилген. Натыйжада, аскердик дене тарбия болгон. Баатырлардын эр сайышы согуш мезгилинде гана эмес, атайын эрежеси иштелип чыгыш аскердик оюн катары да аш – тойлордо өткөрүлгөн.

Жоокердик оюндар – жоокерлердин курал – жарактарын колдонуу чеберчилигин арттырып, аскердик ыкка машыгуулар. Жоокердик оюндар Көкөтөйдүн ашында айрыкча апогейине жеткире сүрөттөлгөн. Эпос боюнча Жоокердик оюндар жамбы атуу менен башталат. Миң узун устун кыйдырылып, алты жүзү бири – бирине уланып, тигинен жерге орнотулат. Алты жүз адамдын кунуна барабар го алтын жамбы орнотулган бийик устундун учундагы туура жыгачка кырк эки танап болот зым менен байланат. Мергендер мылтык октошуп, элүүдөн – жүздөн топтошуп атышат. Бирок эч ким жамбыны атып түшүрө албайт. Ошол учурда Манас кырк чоросу менен өз өнөрлөрүн согуш оюнун башташат.

Каада-салт ырлары


Каада-салт ырлары - кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы өз алдынча салттуу жанр. Негизинен үч чоң топко бөлүнөт, алар өз ара бир канча түрлөргө ажырайт.

1) Үйлөнүү үлпөтүнө, бүлөчүлүккө байланыштуу ырлар: той баштаар, токмок салуу-жар көрүштүрүү, жар-жар, көрүшүү, келиндин бетин ачуу, отко киргизүү, бешик ыры.

2) Үрпадат ырлары: нооруз, жарамазан, ырым-жырым (эм-дом), алкоо, бата-каргыш.

3) Жоктоо ырлары: керээз, угузуу, кошок, көңүл айтуу. Мындан башка жар чакыруу, саламдашуу, коштошуу сыяктуу салттык ырлардын башка да түрлөрү бар.

## №11-ТЕМА “МАНАС” – 1000 МААРАКЕСИ




1992-жылдын 20-июнунда “Манас” эпосунун 1000 жылдык мааракесин белгилөө жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин Указы жарык көргөн.

***Кыргыз Улуттук “Манас Ордо” комплекси***

***Манас атабыздын 12 канат “Хан Өргөөсү”***

Байыркы заманда ата-бабаларыбыз көчмөн турмушта жашашкан. Боз үйлөр көчүп, конуп жүрүүгө ыңгайлуу болгон.

.

Боз үй кереге, ууктары жана көлөмүнө жараша 6, 9 жана 12 канат болуп бөлүнгөн. Көчүүгө жеңил, каалаган жайга тигүүгө ылайыкташкан, жаан суусун тез агызган, табияттын ар кандай таасирине чыдамдуу. Манас атабыздын "Хан Өргөөсү" 12 канат, бийиктиги 5м 70см, диаметри 10м, түндүктүн диаметри 2м 50см, 12 керегеден, 167 ууктан, 1 түндүктөн, 1 каалгадан турат. "Хан Өргөө" демекчи, атайын хандарга арналып, колунан көөрү төгүлгөн усталардын, уздардын чеберчилиги менен жасалган. 12 канат "Хан өргөнүн" жыгаччылыгын (сөөгүн): уук-кереге, босого-таяк (баш босого, аяк босого), түндүк, каалгаларын Талас районундагы  Үч-Эмчек айылынын тургуну уста Табел Рыскулбеков жасаган. Боз үйдүн ички-сырткы жасалгаларын уздар: Молдокулова Калтар, Алапаева Уултай, Жумалиева Таалайгүл, Турдугулова Орунтай, Уста Апышов Ырысбай ж.б. уз чеберлер жасашкан: жабыкбаш боо, тегирич боо, үзүк боо, туурдук боо, жел боо, уук учтук, саканак таңгыч, кылдырооч, төтөгө канат чий, чыгдан өңдүүлөрдөн турат да, алардын өзүлөрүнө тиешелүү көркөм оюмдары жана көчөттөрү түшүрүлгөн. Манастын "Хан өргөөсү" 1995-жылы "Манас" эпосунун 1000 жылдык маарекесинде алгачкы ирээт көтөрүлүп, баш байгеге татыктуу болгон.

***“Манас”эпосунун 1000 жылдык маарекесинде берилген белектер***



***Бакай үңкүр***– Талас областы, Бакай-Ата району,
Кең-Арал айылынын тургуну жыгач уста Тургуналиев Тилекмат тарабынан “Манас” эпосу музейине 1998-жылы Март айында белекке берилген (дүмүрдөн жасалган).



***Кафель плитасы*** – Талас областынын губернатору
Карачалов Кеңеш Касымович, Туркия мамлекетине официалдуу визит менен барган мезгилде алып келген. Бул белекти Кеңеш Касымович “Манас” эпосу музейине белекке берген.



***10 сом Күмүш монета***- Бул Кыргыз Элинин Улуу мурасы 1995-жылы “Манас” эпосунун 1000жылдык маарекесине карата чыгарылган. Бетинде “Манас эпосуна миң жыл” жана 10 сом жазуусу бар. Манас баатырдын элеси чагылдырылган. Экинчи бетинде

Кыргыз Республикасынын Гербинин сүрөтү түшүрүлгөн. Диаметри-38,60 мм формасы тегерек.




Кыргыз өкмөтүнүн жаштар сыйлыгынын лауреаты, сүрөтчү Майрамкул Асаналиевдин.
“Манас” темасына арналган сүрөттөр жыйнагы. (10.04.2003ж.)




***Килем*** – XIII – кылымда жашап өткөн Чынгыз Хандын сүрөтү түшүрүлгөн. Монгол делегациясы тарабынан белекке берилген.



***Кылыч-*** 2004-жылдын 31-январында Талас областтык Аскер Комиссариатынын башчысы Өмүрбеков


Алмаз Орозкулович 2(эки) даана кылычты үй-бүлөнүн атынан “Манас эпосу” музейине белекке тапшырган.



***Гобелен***- Аска бетине тартылган (петроглиф) сүрөттөрдүн элеси берилген. 2004-жылы 20-октябрда К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл Мамлекеттик Университетинин окутуучусу Дабиева Айнура “Манас” эпосу музейине белекке тапшырган.




***Ваза***-“Манас” эпосунун 1000 жылдык маарекесинде Тажикстан мамлекетинен келген делегация “Манас” музейине белекке берген.




***Манас симфониясы-***

Кыргыз элинин баатырдык эпосу. Манастын 1000 жылдык мааракесинде Россия элинин композитору Зинаида Хабылова атайын арнап белекке берген.



***Алтын Бешик*** - “Манас” эпосу музейинин ачылыш аземинде Хакасиядан келген өкүлчүлүктөр тарабынан музейге белекке берилген. Алтын Бешиктин курамында: Алтай жергесинин топурагы жана суусу атайын кутучага салынып келген. Азыркы мезгилде музейде сакталуууда. (1995– жылы 28 – августта)




***Фарфор ваза*** – Ош 3000 маарекесинде “Манас” эпос музейине белекке берилген.(2000-жыл)




***Килем-*** “Манас” эпосу музейине Ош областында жашаган Таластык жердештер тарабынан белекке берген.




***Килем-*** “Манас 1000” маарекеде Ош областынын, Кадамжай шаарынын маданият кызматкерлери тарабынан музейге белекке берилген.




***Килем-*** Өзбек Республикасынын Жызак облусунун Достук районунун тургундары
“Манас”эпосунун 1000жылдык маарекесине арнап музейге белекке беришкен.




***Туш кийиз*** - 1995-жылы 29-августа Кытай мамлекетинин делегациясы“Манас” эпосу музейине белекке берген.




***Ээр-*** “Манас” эпосу музейине Жызак облусунун Заман районунун жашоочусу уста Абыл Бердияровдун тапшырган белеги.(1995-жыл август айы)



***Кылыч*** – “Манас” эпосунун 1000 жылдык мааракесинде Тажик ассоциясы тарабынан белекке берилген.



***Назар Манасчы***- сүрөтчү Бошмоюнов Эрбол. Б.Шерниязов тарабынан “Манас” эпосу музейине белекке берилген. (холст масло)




***Маадай Кара*** – Алтай элинин баатырдык эпосу.

Алтай элинин баатыры Маадай – Кара ханга арнап жазылган жана анын баласы Когюдейдин Кара-Кула баскынчы хан менен болгон күрөшү баяндалат.



***Алтай Кеп-Куучындар*** – Алтай тилинде басылып чыккан китеп. “Ак - Челек” – Горно Алтайск. 1994ж.

№12 –ТЕМА «МАНАС» ЭПОСУ КИНОДО

Кыргыз улуттук искусствосу үчүн «Манас» эпосу түгөнгүс булак катары роль ойноп келе жатат. Өзгөчө совет доорунда жана азыркы мезгилдерде ал кыргыз өнөрүнүн көпчүлүк түрлөрүндө экинчи өмүр алып, бутакталып жайылып жана жанырып кайра жашай баштады. Бул көрүнүш бир жагынан эпостун көркөм дөөлөт катары искусстволук кудуретинин ченемсиз байлыгын көрсөтсө, экинчи жагынын анын түбөлүктүүлүк маанисинен кабар берет.

1965-жылы режиссер Болот Шамшиев улуу манасчы Саякбай Каралаев жөнүндө «Манасчы» фильмин тарткан. Ал тасма Оберхаузендеги кыска метраждуу даректүү фильмдердин бүткүл дүйнөлүк кинофестивалында (1965-ж), Москвадагы Бүткүл дүйнөлүк фестивалында (1966-ж) башкы байгеге татыктуу болгон.

Мелис Убукеев 1966-жылы «Семетей» бөлүмүн толук жана «Манас» эпосунун тандалган айрым эпизоддорун Саякбай Каралаевдин айтуусунда 11000 метрикалык тасмага түшүргөн. Мелис Убукеев классикалык мазмундагы «Манас ааламы» кинофильмин да элге тартуулаган.

2017-жылы режиссер Эрнест Абдыжапаровдун «Саякбай» тасмасы эл аралык Монреал кинофестивалынын «Мыкты инновациялар үчүн» категориясында «Алтын Зенит» сыйлыгына татыды.

Сценарист Айбек Байымбеков «Улуу аш» аталыштагы Анимациялык кыскаметраждуу тасманы Ак Шумкар КУТ жаштар коомдук бирикмеси менен биргеликте 2019-жылы тартып бүткөн.

№13 ТЕМА. «МАНАС» ЭПОСУ СҮРӨТТӨ ЖАНА СКУЛЬПТУРАДА







Сүрөт өнөрүндө эпостун сюжетине кайрылууга алган Орус география коомунун экспедицичсы менен бирге келип Кыргызстанда иштеп кеткен В.Смирновдун чыгармачылыгына таандык. Ал 1903-жылы Кенжекара манасчыдан Манас эпосунан үзүндү айтып жатканда Семетей менен

Айчүрөктүн Үргөнч жолундагы жолугушуусун иллюстрациялаган жана Кенжекаранын портретин тарткан.

Октябрь революциясынан кийин эпостун сюжетине Ян Штоффер, О.Мануйлова, В.Фаварский, А.Михаилов, С.Петров жана немец атуулу Теодор Теодорович Герцендин эмгектери зор.

Кыргыз сүрөтчүлүлөрүнөн Белек Жумабаев биринчи жолу улуттук колоритте Манас, Каныкей, Бакай, Семетей, Айчүрөк өңдүү каармандардын образдарын жараткан. Сүймөнкул Чокморов, Гапар Айтиевдер Манасчы Саякбай Каралаевдин варианты боюнча жарык көргөн Манас үчилтигинин беш томдугуна ар түрдүү композициядагы сүрөттөрдүн галлереясын жаратышкан.

«Манас» архитектуралык-скульптуралык композициясы 1981-жылы Т.Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясынын алдына курулган. Скульптор Кыргыз эл сүрөтчүсү Т.Садыков болгон. Анда Манастын монументи жана Каныкей, Бакайдын статуялары жайгашкан. Тегерете улуу манасчылардын скульптуралык портреттери.

2010-жылдын 31-августунда Бишкек шаарында Эгемендүү Кыргызстандын күнүнө карата Ала-Тоо аянтында Манас монументинин ачылышы өткөрүлгөн. Анын бийиктиги астындагы супасы менен 17 метрди түзөт.

2011-жылы декабрь айында Ош областынын Өзгөн айылында Манастын эстелиги орнотулган.

2012-жылы 24-февралда Москвада Достук паркында Айкөл Манас бабанын монументалдык комплексинин ачылышы болгон.

Ушул эле комплекс 2012-жылы январь айында Ош шаарынын аэропортко бара жаткан жол боюна орнотулган.

Манас аталыштары

«Манас» аэропорту, Бишкек шаарындагы Кыргыз-Түрк «Манас» университети, «Манас» кинотеатры, Кара-Балтадагы «Манас» стадиону, «Манас» ордени, «Манас» операсы, Кытайдагы «Манас» көлү, Тоолуу Алтайдагы «Манас» көлү, Алматыдагы «Манас» көчөсү жана башка.

## №14-ТЕМА «МАНАС» ЭПОСУ – МУЗЫКАДА

Эпостун дагы бир өзгөчөлүгү, анын жалпы турпатында музыкалык ыргактын болушу. Эпостун музыкасынын көркөмдүк маңызы чексиз кырааттарга бай. Анын тексти обон ыргактар менен коштолуп, көркөмдүгү, таасирдүүлүгү да зор. Башкача айтканда Манастын өзүнүн обону, ыргагы бар. Музыка өнөрүнүн бардык тармактары үчүн эпос булак болуп кызмат кылып келе жатат. Мисалы Жалил Садыковдун үч драмасына тең Калый Молдобасанов музыка жазган. «Манас менен Алмамбет» спектаклине Михаил Раухвергер, «Улуу эпос» аттуу даректүү фильмге Т.Эрматов музыка жазган.

Кыргыз музыкасында эпостун көркөм текстинин ар кандай эпизоддоруна күү, обон чыгарууда. Ага «Алмамбеттин арманы», «Семетей күү», «Каныкейдин арманы», «Жол талаш» аттуу күүлөр далил. Ошондой эле, Э.Жумабаевдин «Эпикалык симфониясы» (1974-жыл), А.Жээнбаевдин

«»Чоң кербез» (1970), В.Н.Глуховдун «Бабам Манас жөнүндө баллада» аттуу хор үчүн поэмасы (1974), М.Бегалиевдин «Майрам шаңы» увертюрасы (1985), «Манас» симфониясы (1990) ж.б. далилдеп тургандай эпостук музыка маданияты үчүн соолбос булак болуп кызмат өтөп келе жатат.

## №15-ТЕМА. «МАНАСТАГЫ» МЕДИЦИНА

Элдик медицина – адамды ар түрдүү дарылар, дары чөптөр, минералдык заттар, айрым жаныбардын эти жана ички органдары менен дарылоо. Кыргыз элдик медицинада суу берүү, териге алуу, жылуу сууга салуу, ысыктоо, ушалатуу, кан алуу, сүлүк салуу, тамыр кармоо жана башка ыкмаларды колдонуп келген.

«Манас» эпосунда жогоруда аталган дары заттар жана элдик дарылык ыкмалардын көпчүлүгү анын бардык варианттарынан кездешет.

Бир эпизоддо Манас оор жарадар болот. Ошондо Кара кожо деген адам күнүгө кийиктин баласын алып келип, этин бышырып, бал менен кошо берип жатып Манасты сакайтат.

Кашкулактын өтү, кажырдын, карышкырдын өтү, мумуя, кырма кызыл дары, кайнатма кара дары, кашкардын кара дарысы, медет, себеп, жот дары, искеме дары, ак дары, барпы дары колдонулганы баяндалат.

«Манастагы» элдик медицинада хирургиялык аспаптар, сынган сөөктү айыктыруу ыкмалары тууралуу маалымат айтылат. Кыргыз дарыгери колдонгон аспаптардан эпосто жараны тиле турган скальпель формасындагы курч бычак жөнүндө маалымат кездешет. Окту ордунан копшутуш үчүн колдонулган тинтүүр аттуу жөнөкөй аспап Тувадан табылган. Бузулган канды сордуруп алуу үчүн колдонулган картык деген аспап да «Манастын» саптарынан кездешет.

Колу-буту сынганына шак-шак коюп айыктырса, аккан канды ысык кийиз менен басып токтотуу жана териге отургузуу тууралуу эпосто баяндалат.

Кыргыз элинин көчмөн турмушунда сынган сөөк-саакты сакайтуу, кээ бир ооруларды айыктыруу кадыресе көрүнүш. Мына ушул илгертен келе жаткан элдик медицина тууралуу кыргыз элинин эмприкалык тажрыйьасы «Манас» эпосунда чагылдырылган.

**Манас" эпосу жөнүндө кызыктуу 15 факты:**

1. Арбак даарыган процесс. Бул манасчылыкты аркалагандардын кабылдоосунда өң-түш түрүндө болот. "Манас" эпосун айткандардын дээрлик бардыгы арбак даарyу процессинен өтүп, бир катары буга түшүндө, бир катарлары өңүндө кабылган. Ушундан кийин гана алар бул өнөргө баш-оту менен кирет. Бул манасчылык өнөрдү коштогон негизги көрүнүштөрдүн бири катары эсептелет.
2. Ыргагы. Азыркы мезгилге чейин бир да эпос "Манас" сыяктуу ыргакта айтылбайт. Бул кыргыздын салттуу элдик поэзиясы түрүндө сакталып келет. "Манас" эпосунун бардык варианты 6-7 муундан турат.

3. Чет жерлерде Манас сөзүнүн кездешүүсү. Кытайда Манас шаары, Манас булагы, Японияда Семетей шаары, Испанияда Манас шаары, Казакстанда Манас жайлоосу, Кореяда Манас чокусу, Венгрияда Манас айылы бар. Ааламга аты кеткен Манас, аны жараткан кыргыз эли кандай гана бактылуу! Бул саптар "Аскада калган аңчынын ыйы" деп аталган улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун китебинде айтылат.

4. 40 саны – эпостогу ыйык сан. Кырк уруу кыргыз, кырк чоро, кырк күн, кырк кыз ж.б. түшүнүктөр менен коштолот. Андан сырткары 3, 5, 7, 9, 12 сакралдык сандар катары эсептелет. Кыргызстандын мамлекеттик кырк нурдуу желеги.

5. Эпостун 80ге чукул варианты бар. "Манас" эпосунун китеп болуп басылып чыккан варианттарынан сырткары, КРдин Улуттук Илимдер Академиясында жана манасчылардын өздөрүндө, бала-чакасынын колунда жалпысы болуп 80ге чукул вариант сакталып келет. Негизгилери Саякбай Каралаев, Сагымбай Орозбаков, Молдобасан Мусулманкулов, Багыш Сазанов, Шапак Рысмендеев, Ибраим Абдрахманов, кытайлык кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын айткандары. Андан сырткары, түрк таануучу Василий Радлов жанажазгыч акын Тоголок Молдо эпостун вариантын жазып калган.

6. "Манастын" мотивинде бир топ музыкалык, документалдык жана көркөм чыгармалар жаралган. Эпос боюнча режиссерлор Болот Шамшиев, Евгений Котлов жана Мелис Убукеевдер тарткан бир нече илимий-даркетүү тасмалар бар. Ал эми 30-жылдары эле кыргыздын алгачкы опералык чыгармасы катары "Айчүрөк" операсы, андан кийин "Манас" операсы сахнага чыгарылып, "Манас-Алмамбет" драмасы, "Манас, Семетей, Сейтек" үчилтиги, "Теңири Манас" романы жазылган.

7. Манас сөзүнүн маанисин диний пайгамбарга байланыштырышат. Манас деген сөздүн мааниси боюнча көп талаш-тартыштар бар. Негизи Манас атынын келип чыгышын окумуштуулар Ауэзов менен Бернштамдын илимий гипотезалардын негизде чечмелеп, далилдеп беришкен", — дейт окумуштуу Медетов. VI – VIII кылымдарда Енисей доорунун мезгилинде, ал тургай,

андан мурун дүйнөгө тараган Уйгур каганатанынын расмий тутунган Манихей дини болгон. Ал боюнча ыйык делген китептер жазылып калган. Бул дин Энесай, Сибирь аймактарына чейин жеип, ошол доорлордо жашоочу элдин Манисей аттуу пайгамбары болгон. Ауэзов менен Бернштам ошол пайгамбардын аты өзгөрүп отуруп, Манесса, анан Манас болуп калган деген пикирди айтышкан. Илимий божомолдо Манас ысымы ошол эл сыйынган сөздөн келип чыгып, баатырдын образына ыйгарылган. Андан сырткары, "Ман" "Ас" сөздөрү да бөлүнүп айтылып, "биринчи киши", "мыкты киши" деген маанини билдирет деген пикирлер бар. Ал эми философ, сүрөтчү Николай Рерих бул "жогорку акыл-эс" деген түшүнүктү берет деп жазган.

8. Эпосто алты жүздөн ашуун каарман сүрөттөлөт "Манас" эпопеясында 40 чородон тарта эсептегенде, бери дегенде эле 600дөн ашуун каарман катышат. Эң көп образ Сагымбай Орозбаковдун вариантында айтылат. Албетте, башкы каармандар Манас, Бакай, Чыйырды, Каныкей, Алмамбет, Жакып, Кошой, Айчүрөк, Күлчоро, терс каармандардан Коңурбай, Нескара, Канчоро, Жолой ушинтип кете берет. Ал эми жер-суу аттары 800гө чукул.  Дүйнөлүк адабияттагы ири чыгармалардын бири — Лев Толстойдун "Согуш жана тынчтык" роман-эпопеясында 500дөн ашуун каарман катышат. "Манаста" каармандар бул чыгармадан да көптүк кылат.

9. "Манас" жарым миллион саптан ашык  Эң көлөмдүүсү беш жүз миңден ашык саптан турат. Саякбай Каралаевдин айтуусундагы вариант 500 553 сап, анда Манас, Семетей, Сейтек, Кенен, Алымсарык, Кулансарык деп беш муунга чейин кетет. Андан сырткары, манасчы Мамбет Чокморовдун айтуусундагы эпостун көлөмү 397 миң, ал эми Сагымбай Орозбаков айтып калтырган "Манас" бөлүгү 180 миң сапты түзөт. Жусуп Мамай эпосту башкы каармандын сегиз муунуна чейин жеткире айткан, анын вариантында чыгарма 500 миң саптан турат.

10."Манас" эпосундай көлөмдүү чыгарма дүйнөдө жок! Көлөмү жагынан тең келе алган эпос азыркыга чейин кезиге элек. "Манас" көлөмү жагынан гректердин "Илиада" менен "Одиссеясынан" 20 эсе, парсы элдеринин "Шахнамесинен" 5 эсе, индиялыктардын "Махабхаратасынан" 2,5 эсе көптүк кылат. Дүйнөдөгү бардык эпосторду чогултуп келгенде да, бир эле Саякбай Каралаевдин айткан вариантынын көлөмүнө жетпейт.

11. "Манас" эпосуна бери дегенде 1020 жыл болду. Бул жаатта көз караштар арбын. 1995-жылы бул улуу эпостун 1000 жылдыгын дүйнөлүк масштабда белгиленгендигин эске алсак, анда азыр ага 1020 жыл болду. Ал эми илимде анын пайда болушу жөнүндө чындыкка жакын негизги өзөк болгон гипотеза үчөө. Алар — 1. Мухтар Ауэзов менен Александр Бернштамдын вариантында IX к. Кыргыздардын Енисей доору, улуу кыргыз дөөлөтү мезгили, Барсбек каган учуру; 2. Болот Юнусалиевдин пикиринде IX-XI к. Караханиддер доору. Кара кытайлардын кыргыздардан жеңилүүсү,

кыргыздардын Ала-Тоого көчүшү. 3. Виктор Жирмунскийдин пикири боюнча XV- XVIII к. Жунгар доору менен байланыштырып келет.

12. "Манас" алгачкы ирет Санкт-Петербургда жана Лейпцигде басылган. Эң биринчи ирет 1885-жылы академик Василий Радлов кагазга түшүрүп кеткен варианты Санкт-Петербург шаарында кириллица арибы менен кыргыз тилинде басылып чыккан. Ушул эле жылы немис тилиндеги котормосунун бир бөлүгү Германиянын Лейпциг шаарында жарык көргөн. Демек, ошол жылдары эле түркологг Радлов эпосту Европага тааныптыптыр. Совет доору башталгандан кийин, 1925-жылы алгач ирет Тыныбек манасчынын варианты боюнча жарык көргөн. Ошондон тарта эле бөлүк-бөлүгү менен улам басылып отурган. Акыркы жолу, 2015-жылы Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы 180 миң сап тогуз томдук болуп жарык көрдү. Ал эми Жусуп Мамайдын айткан варианты Кытайда 18 том менен чыккан. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча жарык көргөндөрү да бар.

13. Изилдөө иштери. Учурда "Манас" эпосун изилдеген Кыргыз Илимдер Академиясында Манас таануу бөлүмү бар, ал жерде бардык кол жазмалар сакталат. Ишеналы Арабаев атындагы университетте Манас таануу институту, Кыргыз улуттук университетинде Манас таануу кафедрасы иштейт.

14. "Манас" көп тилге которулган. Окумуштуулардын айтымында, дүйнөдөгү ири делгендеринин ичинен араб жана испан тилинен башка, негизги тилдердин баарына которулган. Алар орус, кытай, англис, немис, француз, япон, фарс, монгол, чех, болгар, венгер, уйгур, казак, өзбек сыяктуу бир топ тилдер.

15. Дүйнөлүк мурастардын катарында турат. "Манас" эпосунун үчилтиги ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастар тизмесине Кыргызстандын атынан катталган.

## **"Манас" эпосундагы жаныбарлар дүйнөсү**.

"Манас" эпосунда кылымдарды басып өткөн кыргыз элинин тарыхы, дүйнөгө көз карашы, салт-санаасы жана башкалар толгон түшүнүктөрү менен катар табият таануу жаатындагы, анын ичинде жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү жөнүндөгү билимдери орун алган. Ошондой эле элдин чарбачылыгы жөнүндө да маалымат берилет. Эпосто каармандардан кийин түркүн жан-жаныбарларга көңүл көп бурулуп, адамдын жашоо тиричилигинде зор материалдык байлык болгон төрт түлүк малдан баштап, ар түркүн жапайы жан-жаныбарларга, түрдүү мифтик жандыктарга чейин учурайт. Үй жаныбарларынын ичинен жылкы өзгөчө мааниге ээ. Эпосто чагылдырылган жоокердик заманда "ат адамдын канаты" болуп, жылкы минерге унаа, жегенге эт, ичерге кымыз болгон. Ошондуктан, эпосто Аккула баштап баатырлардын көптөгөн тулпарлары жөнүндө айтылат, алардын сын-сыпаттары көркөм баяндалат. Жылкыга байланыштуу алардын жаш

өзгөчөлүгүн, өңү-түсүн жана башкалар өзгөчөлүктөрүн туюнткан көп терминдерди жолуктурууга болот, ошондой эле ондогон тулпарлардын энчилүү аттары бар. Эпосто жылкы баласынан башка уй, топоз, кой, эчки, төө өңдүү төрт түлүк мал жөнүндө кеңири айтылат. Мисалы, Каныкейдин калыңына Жакып жылкыдан баштап төө, уй, кой, эчки кылып толгон мал айдап барат  Манастын жортуулга чыкканда ок-дары жүктөп жүрө турган *Желмаян* төөсү бар. Бакай Манастын төөлөрүн кайтарып Семетей чоңоюп, Таласка кайрылып келгенче күтүп жүрөт. Эшек, качыр, керик, көк-бука көбүнесе мифтик кейипкерлердин мине турган унаасы катары берилет (Маамытбектин Бозкачыр, Макел-Малгундун Бозкерик, Мадыкандын Көк-Бука жана башкалар) Ошондой эле адамдардын илгертеден ишенимдүү досу ит жана ит төрөсү Кумайык жөнүндө да айтылат. Чыгарманын каармандары ит агытып, куш салышат. Башкы каарман Манастын өзүнө таандык, күчүк кезинде таап алып, Каныкейге бактырган *Кумайыгы* бар.

Эпосто ошондой эле жапайы айбанаттар жөнүндө да кеңири жана түрдүү кырдаалда баяндалат. Кайберендер тууралуу көбүнчө каармандар көңүл ачып, салбырынга чыкканда аңчылыктын объектиси катары сөз болот. Эпосто кийикке (аркар, кулжа, бугу, марал жана башкалар) мергенчилик кылышат. Каармандар жашаган, көргөн жерлер аларды мекендеген жан-жаныбары, кайберендери менен кооз экендиги айтылат. Мекендеген кайберендин көптүгүнөн ошонун аты менен аталып калган топонимдер да учурайт. Эпосто Ажайыпкана, анда багытталган жолборс, тайбас, арстан, кабылан, шер өңдүү көптөгөн жырткыч айбанаттар туурасында да айтылат.Эпосто парандалардын түркүн түрлөрү, алгыр куштардан суу куштарга, булбулдан таранчыга чейин бар. Парандалардан алгыр куштар өзгөчөлөнүп, каармандарды, окуяларды сүрөттөөдө салыштыруу, эпитет өңдүү көркөм каражаттарды түзүүдө пайдаланылат. Булбул, тоту, күкүк, торгой, улар, бөдөнө, кыргоол, үкү, каркыра, турна, куркулдай, карга, жору, кузгун, сагызган, таан жана башкалар көптөгөн ар кандай канаттуулар, ошондой эле каз, өрдөк, чүрөк, аккуу жана башкалар суу куштары жөнүндө да айтылат. Мунун ичинде аккуу өзгөчөлөнүп турат. "Семетейдеги" негизги каармандардын бири Айчүрөк керек учурда аккуу болуп кубулуп уча алат. Булардан башка түрдүү жыландар, бака, суудагы балыктар, түркүн курт-кумурскалар, чымын-чиркейлер жөнүндө да айтылат. Эпосто мифтик-жомоктук жандар да көп учурап, чыгарманын мазмунуна дагы бир өзгөчө түс киргизип турат.

**Көк бөрү**. Улак тартуу бардык эле той-аштарда жана майрамдарда ойнолуучу улуттук оюн. Улак тартышуунун тартиби боюнча, улакты алып келип таштай турган белгилүү жер болот. Аны таштоочулардын ала турган байгелерин жарчылар элге угузат. Маселен, төрт урук эл болсо, ар бир уруктан бештен, алтыдан киши чыгып тартат. Анда аттын күлүгү менен азаматтын балбаны, же атка чыйрак чабандес, атка коркпой минген жана улакты көп тартып машыккан кишилер барышат. Улак тартуу элдин каалоосуна жараша өтөт. Торпок тартабы, же эркеч тартабы, аны оюнчулар

же уюштуруучулар өздөрү тандайт. Кээде улакты алып кеткен кишинин олжосу ошол алып кеткен улагы гана болот. Азыркы учурда көк бөрү оюуну күч алып турган кези. Келечекте олимпиада оюндарына киргизүү маселеси каралууда. Бул тууралуу быйыл экинчи ирет Ысык-Көлдө өтө турган көчмөндөр оюнун айтсак болот. Бөлүнүп ордо, чын мөрөйАтпай турган жер бекен Жатпай оюн, көк бөрү Тартпай турган жер бекен.

**Ат чабыш**. Ат чабыш эпосто кеңири жолуккан кыргыз элинин улуттук оюндарынын бири. Байыркы замандан бери кыргыз эли өз өмүрүнүн ар кандай кубанычтуу учурун улуттук оюн-зооктор, көңүл ачуулар менен өткөрүп келген. Мисалы "Манас" эпосунда кан көтөрүү, кан түшүү, кан тартуу өңдүү салттык үрп-адаттарды, аш-тойлорду дайыма элдик оюндар, көңүл ачуулар коштоп жүргөндүгү менен далилденет. Ат чабыш байыртадан белгилүү болгон оюн. Ал үйлөнүү үлпөтүнө да, башкача айтканда, кызга үйлөнүүчү баатырга коюлган ар түрдүү шарттардагы сыноо-талаптарга да байланыштуу болушу мүмкүн. Баатырдык эпостордо чагылдырганы боюнча кызга үйлөнүп бүлө куруучу талапкерлер үчүн атайын мелдештер уюштурулган жана кимиси мөрөй алса, ошол кызды алууга татыктуу болгон. Талапкерлердин өнөрүнө көбүнчө үч мелдеш - ат чабыш, бута атуу, күрөш мүнөздүү болуп эсептелген. Мына ошол ат чабыштын да кыргызда бир канча түрлөрү бар. Алар аламан байге, чоң байге, кара жарыш, көр байге, мүрзө байге, кемеге байге деп бөлүнөт. Аламан байгеде аттар орто аралыктарга чабылып, күлүктөрдүн жаш өзгөчөлүктөрүнө чек коюлбайт. Чоң байгеде болсо өтө алыс аралыкка байге сайылат. Буга ашкан күлүк аттар гана катыша алат. Кара жарышта аттар жакын аралыкка чуркап, байге сайылбайт. Бул чоң байгенини алдында өткөрүлүп, аттарды сыноо, бой-келбетин байкоочу милдетти гана аткарат.Көр байге өлгөндүн урматына өткөрүлгөн. Ат чабыштын бул түрү маркумду жайына койгон учурда чабылып, байгесине анын урунган айрым буюмдары, дүнүйөсү сайылган. Эпосто бул көркана деген ат менен учурап, Көкөтөйдү койгондо анын сансыз малынын байгеге сайылышы сүрөттөлөт: Баш байгеге сайганы,Сексен миң жылкы, миң аттан, Жана жүз миң кой болду,Тогуз миң толук уй болду,Эсебин малдын ала албайЭл жакшысы буй болду. Жабык башы кундузданЖана токсон үй болду,Үй башына карасаңБирден эркек ээси бар, Экиден шайдоот күң болду.
Азыркы учурда кыргыздын кыз куумай, балбан күрөш, эр эңиш, улак тартыш, ат чабыш жана башка оюндары ушул кезге чейин улуттук оюндардын катарында сакталып келе жатат.

*Кыргыз элинин өткөн турмушунда тулпар аттардын мааниси чоң болгондугун тануууга болбойт. Кыргыздын байыркы эпосторундагы баатырларынын өмүрү алардын минген тулпарлары менен тыгыз байланыштуу болгону бизге жакшы белгилүү.*

Кыргыз элинде: "Тулпар - тушунда, күлүк - күнүндө. Ат, аттан кийин жат",- деген макалдар бекеринен айтылып калбаса керек. Кыргыз эли байыркы замандан бери мал чарбачылыгы менен кесип кылып, төрт түлүк малды өстүрүп келе жатат. Төрт түлүк малдын ичинен да кыргыздар айрыкча жылкыны жогору баалашат. Өзүнүн көчмөндүү турмушунда жана

жоокерчилик заманда жылкынын тулпарларын жоого минишкен, семиздерин союп, казы-карталарын жешкен, бээ-лерин байлап, кымызын ичишкен.
Кыргыздын балдары менен кыздары жаш чагынан эле ат мингенге үйрөтүлгөн. Балдары төрт, беш жашка келгенде, аларды айырмачка таңып, атка мингизип, толтурмачтап жетелеп үйрөтүшкөн, алар 7-8 жашка келгенде, аттын кулагы менен тең ойногон.
Кыргыз элинде ат оюн-зооктору өтө көп: кыз куумай, тыйын эңмей, кыз жарыш, келин жарыш, улак тартыш, оодарыш, тай чабыш, кунан чабыш, ат чабыш жана башкалар.
"Ат - адамдын канаты" дейт кыргыздардын дагы бир макалы. Кыргыз элинин өткөн турмушунда тулпар аттардын мааниси чоң болгондугун танууга болбойт. Кыргыздын байыркы эпосторундагы баатырларынын өмүрү алардын минген тулпарлары менен тыгыз байланыштуу болгону бизге жакшы белгилүү. Мисалы, Эр Төштүк баатырды анын минип жүргөн Чалкуйругу бир нече жолу өлүмдөн аман сактап калат. Манас баатырдын Аккуласы Манас төрөлгөн күнү кара жалдуу кула бээден туулат да, өмүр бою Манаска кызмат кылат. "Чоң казатта" Аккула окко учары менен Манастын шаштысы кетип, шайы оойт. Алмамбет окко учканда сөөгүн Сарала тулпарына жүктөп койсо, ал бир нече күнү суу ичпей, чөп чалбай жүрүп отуруп, Алмамбеттин сөөгүн аман-эсен Таласка жеткизет. "Чоң казатта" Чубакка ок жаңылат. Астындагы Көк тулпары Чубактын сөөгүн душманга бербей, ала качкан бойдон кетет.
Эпостун "Семетей" бөлүгүндө: *Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени - Семетейдин ажалынын жеткени,* -деген сыяктуу учкул саптар бар. Семетей караңгыда жол тосуп жүрүп, билбей, кокустук менен, өз бөлөсү Үмөтайды өлтүрүп коет да, таежесинен уялгандыктан, бөлөсүнүн куну үчүн, Тайбуурулун тартууга берип жиберет. Ошондон кийин, көп узабай, Кыяс менен болгон согушта, минген аты жүрбөй калып, Семетей өзү каза табат.
Калмактар менен болгон кагылышта Тейитбек Телтору тулпарын уулу Курманбекке бербей коюп, ал ошол чабышта минген аты баспай калып, калмактардан өлөт.
Күлүк тулпарлардын ичинде өтө акылдуулары болгондугу да бизге жакшы белгилүү. Ажыбайдын Карткүрөңүн миң сан жылкынын ичине агытып кое берсе, ал жылкыларды баштап алып, түз эле Таласты көздөй жөнөчү экен.
Революциядан мурда Көл башынан Анжиянга алпарып сатылган Аксур деген күлүк ат бир жылга жетпей, чылбырын сүйрөп, Көл башындагы ээсине кайра качып келген.
1916-жылкы эл үркүндө Ак-Суу, Турпандын базарына сатылган жумгалдык Бекболот деген саяпкердин Нарбаш аттуу күлүгү жарым жылга жетпей, Жумгалдагы ээсине качып келген.
**Ат чабыштын тарыхынан.** Ат чабыш кыргыз турмушунда өтө маанилүү орунду ээлеп келген. "Манас" эпосунда да ат чабыш жөнүндө айтылган маалыматтар көп. Манас боз улан кезинде, сексен бала талаада жүрүп, Манасты кан көтөрүшөт да анын урматына минип жүргөн аттарын чабышат. Манаска Алмамбет биринчи келип, ага ини болгон учурда да Манас ат

чаптырып, той берет. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда да кырк чоросунун атын чапканы белгилүү.
Көкөтай өлгөндө, уулу Бокмурун Каркырада чоң аш берип, дүйнөдөгү элдердин көпчүлүгүн ашка чакырат да анда чоң ат чабыш болот, ат чабышка көп сандаган күлүктөр катышып, байге аттары Түркстан деген жерден кайра кайтат. Кайра келе жатканда, ат чапкан балдар адашып, башка жолго түшүп кетпес үчүн, жол бою ар бир жолдордун тоомдоруна жандоочулар коюлган. Бул ат чабышта Манастын Аккуласы чыгып келген, бирок байгени Коңурбай, Жолойлор талап кетишкен да, кийин Манастын "Чоң казатты" уюштурушуна ошол окуя да негизги себептердин бири болгон.
Манас өлгөндөн кийин, Каныкей Семетей менен кайненеси Чыйырдыны Бухарага алып качып кетип, Семетейди бир тууган агасы Ысмайылга бала кылып берет. Семетей эр жетип, он төрт жашка келгенде, Каныкей ат чаптырат да, байгеге, төлгө кылып, алтымыш асый болгон Тайторусун кошот.
Аттарды сүрөп чапмакчы болот. Тайторусун сүрөш үчүн, эркекче кийинип, Каныкей түпкү сүрөөнгө барат. Эжесинин бул жоругу Семетейге жакпайт.
"Алтымыш асый болуп, оозунда тиши калбаган атын байгеге кошуп, анысы аз келгенсип, эркекче кийинип алып, ат сүрөймүн деген эмнеси? Тайторусу байгеден келсе, анда бир кеп, эгерде байгеге илинбей калса, анда эжемдин башын аламын"-деп, Семетейдин ачууланганын Каныкейдин кулагы чалат.
Байге аттары кайра тартып, алдыңкылары Каныкейдин жанынан зуулдап өтө баштайт, бирок Тайторусунан дайын жок. Биринин артынан бири закымдап, кырк-элүү ат өтөт. Ошондо Каныкейдин заманасы куурулуп:

Арстан Манас өлбөй кал!
Азапты бейбак көрбөй кал!
Арбагы бийик Арстаным!
Колдоочу болсоң колдогун!
Колдобос болсоң дал бүгүн
Кокус болчу жолдомун!-деп буркурап ыйлап турса, алтымыш бир аттын аркасынан келе жаткан Тайторуну Манас, Бакай, Алмамбет, Чубак баш болуп, кырк чоросу менен ортого алып, сүрөп келе жаткан экен. Алар тез эле астындагы алтымыш аттан Тайторуну сүрөп, чыгарып кетишет. **Сынчылар, саяпкерлер жөнүндө.** Күлүк аттарды таптоодо сынчылардын, саяпкерлердин ойногон ролдору чоң. Ат канчалык күлүк болсо да, аны таптаган саяпкер начар болсо, күлүктөр байгеге эч илинген эмес.
Кээде орточо эле күлүктөрдү мыкты саяпкерлер таптап, жарышта зор күлүктөрдөн чыгарып кеткен учурлар да болгон. Мисалга мындай бир окуяны келтирүүгө болот: Революциядан мурда Ысык-Көлдө баш байгесине миң жылкы сайылган чоң ат чабышта чыгып келип, биринчи байгени алган Карагашка аргымак аттуу зор күлүк болуптур. Ал Карагашка аргымак түбү Анжиян жактагы түштүк кыргыздардан оошуп келген күлүк экен. Байгеден чыккандан кийинки эле жылы ошол аргымактын ээси менен Кенжебай саяпкер мелдеше кетет да жарышат.

**"Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол**!", -деген сөздөр байыркы замандан айтылып калган. Буга караганда, калыбы, өз доорунда сынчылардын ичинен Толубайдын астына эч бир сынчы чыкпаса керек.
Ошол эле Толубай сынчы жылкынын сууда агып бара жаткан тезегин кармап алат да: "Бул тулпардын тезеги экен",-дейт. Текшерип көрүшсө, ошол өзөндүн башында, чындыгында эле тулпарлар оттоп жүргөндүгү аныкталат.
**Аккула**. Манас төрөлгөндө Жакыптын Кула бээси Аккуланы тууйт. Аккула өзгөчө күлүк, арыбас чыдамдуу. Аккуланын эки кулагынан шам күйүп Манаска жол көрсөтүп турат. Аккуланын бир жагынан жыйырма бир, бир жагынан жыйырма канаты бар, аркасында ажыдаар түгү бар,-деп суроттолот. Кичи казатта Аккула окко учат. Көп узабай баатыр жарадар болот.
**Айбанбоз.** Манас баатырдын ан уулоо катарында ич-ара минген аты. Айбанбоз Көкөтөйдүн ашында чабылат.

**Алгара** Конурбайдын тулпары. Эпостогу эн бир күлүк кууганга жеткирбеген, өзүнүн өзгөчө күлүктүгү менен Коңурбайды бир нече жолу ажалдан алып калган. Аккула да жетпей калган учурлар болгон. Ал чындап чуркаса канаттуу куштан башка мал жетпейт.

**Ачбуудан** Жолойдун жоого минген аты, байгеге чапкан тулпары. Көкөтайдын ашында ат чабышта Аккууладан кийин экинчи келет. Жолойду ар качан өлүмдөн куткарган. Бир вариантта Манас Жолойду өлтүрөөрдө ачбууданга тил бүтүп Жолойдун канын сурап калган.

**Мааникер.** Көкөтайдын тулпары. Эпосто өзгөчө макталып сыпатталган күлүк. Көкөтайдын ашына келген Коңурбай менен Жолой Мааникерге кызыгып, чатак чыгарып аны берүүнү талап кылат. Ашка Манас келип Бокмурунга Мааникерди алып берет. Анын сыны бир башка учкан куш менен жарышат. Канаты бардай көрүнүп басып өтсө кара жер, буту жерге тийбеген, куйругун өрткө чалдырбай, жетик кулүк Мааникер. Тизгинин жыя тартпаса, учкан куштай такымдайт. Кырк күнчүлүк жолдордо булут өндүү закымдайт,- деп сүрөттөлөт.

**Сарала**. Алмамбеттин жоого миңген жана байгеге чапкан тулпары. Алманбет төрөлгөндө Сарала туулган. Ал чалыкпас күлүк ат. Манас Коңурбай менен эр сайышка чыкканда Сараланы миңген. Кичи казатта Алманбеттин сөөгүн аманат кылып жүктөп бергени боюнча Сарала нече кыйынчылык менен Ат-Башыга алып келип Бакайга тапшырат. Алманбеттин кара ашында Сарала союлат.

**Тайтору**. Манас өлгөндө Каныкейге азага келген тулпар. Семейтейдин тоюнда Каныкей төлгө катары Тайтооруну алтымыш асый кезинде ат чабышка кошот. Тайтоору 643 аттын алдында келет. Кээ бир варианттарда Каныкей Семетейди алып төркүнүнө кетип баратканда Бакай тартуулаган ат деп айтылат.

**Чалкуйрук.** Төштүк миңген ат. «Жети жандуу Чалкуйрук жел учкадай бурулуп» Көкөтайдын ашында алдында келген аттардын бири. Сыйкырдуу, касиетке ээ жер алдындагы кыйынчылыктарды жеңип, жин пери, дөө, алп балбандардын айла амалдарын таап Төштүккө жардам берген эстүү жаныбар болуп сүрөттөлөт.

**Улуттук оюндар:**

**Балбан күрөш**. Балбан күрөштө Жолой менен күрөшүүгө адам даабай, Манастын өтүнүчү боюнча Кошой чыгат. Күрөшүп күч сынашаар алдында Манас атайын Каныкей даярдаган кандагайды алп мүчөлүү Кошойго берет. Балбан Кошой Манаска "балалуу бол" деп бата берип, Жолойду жыгып намыс алат. Андан кийин балбан күрөшкө кытай тараптан түктүү таман Түкүбай, кыргыздан "Бүткөн бою тарамыш, чыканактай Эр Агыш" чыгып, байгени кыргыз балбаны жеңип алгандыгы айтылат. Эки балбан белгилүү тартип боюнча жекеме-жеке кармашып, күчтүүсү күчсүзүн жыгат. Балбан күрөш байыртадан белгилүү болгон элдик оюн. Чоң-чоң аш-тойлордо ойнотулуп келет.Жалпы журт карап туруптур,Тоодой Жолой балбанды,Томкоруп жерден алганы,Көтөрүп жерге уруптур, Көпчүлүк карап туруптур.

**Ордо** Эки топко бөлүнүп ойнолуучу байыркы элдик оюн. Оюндун негизги жүрүшү тегизделген жерге чийилген чоң айлананын так ортосуна "кан" тигилип, анын тегерегине көп чүкөлөрдү тизип туруп чийиндин сыртынан томпой менен атып, же чертип чүкөнү чийиндин сыртына чыгаруу. Оюндун бул көрүнүшү сырттан каптап келген аскер башчыны (оюндагы "кан") айланасындагы жоокерлери менен кошо (оюндагы чүкөлөр) жок кылуу максатында негизделген. Ордо оюнунун аталашы "орто", "ортолук", "ортонун" (элдин) деген сөздөн пайда болгону жүйөлүү.Кырк таман ордо чийдирип,Кылым журтка билдирип,Кыркалай чүкө атышат,Кызыгын журтка сүйдүрүп, Чийинин басып аткылап, Чогултуп чүкө үйдүрүп.

**Тогуз коргоол.** Кыргыз элинин байыртадан бери келе жаткан көөнөрбөс эстелиги, акыл-ой байлыгынын казынасы, көчмөн турмуштун, жоокердик мамилелердин сырдуу түйүнү жана көпчүлүктүн черин жазган ортолук оюну. Тогуз коргоол оюну "Манаста" чагылдырылган негизги оюндардын бири катары айтылат:Жалпак жыгач чаптырып,Чараларын оюшуп,Бир жагына бир тогуз,Бир жагына бир тогуз,Үй чыгарыпкоюшуп,Ою менен олтуруп,Ташын салып толтуруп,Тогуз коргоол ойгону,Ордо тогуз коргоол деп,Жаш Манас кылып койгону

**Жаа тартуу.** Согушта, аңчылыкта, мелдештерде жаа менен жебе тартуу өнөрү. Жаа тартуу өтө зор чеберчиликти, кайраттуулукту, күчтүүлүктү талап кылат. Жааны тизелеп олтуруп да, жөө да, атчан да да, басып баратып да, ат чаап баратып да тартышкан. Жаа тартуунун мыкты үлгүлөрү "Манас" эпосунда өтө таасын сүрөттөлгөн. Көкөтөйдүн ашында Манастын чоролору төрткө бөлүнүп, жоокердик түрдүү оюндарды көрсөтүшкөн. Шарт этип саадак тартылды,Өнөрү журттан артылды.Саадактын огу жеткени,Бөркүнө таккан чокуну,Үзгөн бойдон кеткени.Саадактан көрдү огунуБаары кыркып өтүптүрТебетейдин чогуну.

**Жамбы атуу.** Жамбы атуу мелдеши "Манас" эпосунда чагылдырылган. Жамбы атууда жаа, милтелүү мылтык, бараң колдонулган. Эпостун каармандары жамбы атуу жана башка оюндар аркылуу жоокерчиликке, мергенчиликке машыгышкан. Көкөтөйдүн ашында жамбы атуу үчүн атайын кыйып даярдалган карагайлардын "Алты жүзүн асманга, Чыгарып ийди

улатып" деп сүрөттөлөт. Андан кийин орнотулган устундун башына туурасынан кагылган жыгачка бири-бирине байланыштырып түйүштүрүлгөн жип менен жамбы байланган. "Жамбыны бийик зоо кылды, Сары алтынды жоо кылды, Кырк эки танап боо кылды". Салт боюнча атканы жаза кетпеген, ашкан мергендиги бар белгилүү баатырлар мелдешке катышып, "Ат менен чаап жөнөл деп, Атып алсаң өнөр деп" - оболотуп асманга илип койгон жамбыны аты менен чаап келип атышкан. Бул да болсо кыргыздардын элдик оюдарынын бири. 10-15 метр узундуктагы шыргыйдын башына 3-4 метрлик туура жыгач бекитилген. Туура жыгачтын ар кайсы жерине ар түрдүү чоңдуктагы бир, же бир нече жамбыны аттын куйругунун кылына илип байлашкан. Ал учур төмөнкү сүрөттөөдөн айкын көрүнөт: Арчатору закымдап, Жамбыга жетти жакындап, Көтөргөндө мылтыкты Көк түтүнү бурады,Көктөгү жамбы кулады.Түркүгүн түптөп сындырды, Дүйнөнүн көөнүн тындырды.Туура таңган жыгачынТуйгунуң Манас сындырды, Душмандын көөнүн тындырды,Тууганга кубаныч кылдырды.Түшүрдү көктөн жамбыны,Түмөнгө сөзүн даң кылды.Арчатору чуратыпАрыстан Манас жеткени,Тоголонуп калганча, Көктөн түшкөн жамбысыТоктоп орун алганчаЧапкан баатыр жеткени,Кыргый илген торгойдойилип алып кеткени, Арстан Манас баатырдынАдистиги эмей неткени.

**Эр сайыш.** Жоокердик мезгилде согуш маселеси негизги орундардын бирин ээлеп, пикир келишпестиктердин көбү куралдын күчү менен гана чечилген. Эр сайыш жоокерчилик коомунун аскердик тарбия берүүсүндө негизги талап болгон. Оюндун жүрүшүн Көкөтөйдүн ашында Манас менен Коңурбайдын сайышынан көрүүгө болот. Жоокерчилик замандан бери аш-тойлордо эр жүрөк баатырлар жекеме-жеке чыгып ат үстүндө күч сынашчу. Эр сайыш согуш мезгилинде гана эмес, тынч убакта да атайын эрежеси иштелип чыгып, аскердик оюн катары аш-тойлордо өткөрүлгөн. Күлүктөн тандап минишип,Күрөөкө тондон кийишип,Күчү менен тийишип,Айтканына көнүшсүн,Ажалдуусу өлүшсүн, Найза колго алышсын,Арага сайыш салышсын.

СЕМИНАРДЫК САБАКТЫН ПЛАНДАРЫ

**1 – семинардык сабак**

***“Манас” эпостордун океаны***

1. “Манас” эпосу кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын туу чокусу.
2. Эпос, кенже эпос. Алардын окшоштуктары жана айыпмачылыктары.
3. Айтыш, кошок, мактоо жана кордоо ырлары.
4. Жомоктор жана макал – лакаптар.

**2 – семинардык сабак**

***“Манас” – варианттары.***

1. “Манас” эпосунун изилдениш тарыхы.
2. Ч.Валиханов, В.Радлов, Б. Бартольд, В.Бернштам, С. Абрамзон, С. Мусаев, Б. Юнусалиев ж. б. “Манас” эпосун изилдөөчүлөр.
3. Эпос жөнүндөгү алгачкы кол жазмалар.
4. “Манас” эпосунун 1917 – жылдан кийинки тагдыры, варианттары.

**3 – семинардык сабак**

***Манасчылар, үйрөнчүк манасчылар, жамакчылар.***

1. Манасчы – бул элдик улуу мурастарды сактоочу, түзүүчү.
2. Алгачкы манасчылар жөнүндө маалымат.
3. С.Орозбаков менен С.Каралаевдин өмүрү, чыгармачылыгы.
4. “Үйрөнчүк манасчы” – эпостогу көпчүлүккө жайылтуучулар.

**4 – семинардык сабак**

***“Манас” эпосундагы достук темасы***

1. Манас менен Алмамбеттин достугу
2. Көз каман жана Көкчө көздүн окуясы.
3. Кыргылчал менен Кырк чоронун окуясы. “Манастаануу” сабагынан сынак суроолору

1. “Манас” эпосу кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын туу чокусу.
2. “Манас” эпосу – музыкада.
3. Манас гимни
4. Чон казат.

## “Манастаануу” сабагынан сынак суроолору

1. “Манас” эпосунун изилдениш тарыхы.
2. Ч.Валиханов, В.Радлов, Б. Бартольд, В.Бернштам, С. Абрамзон, С. Мусаев, Б. Юнусалиев ж. б. “Манас” эпосун изилдөөчүлөр.
3. Эпос жөнүндөгү алгачкы кол жазмалар.
4. “Манас” эпосунун 1917 – жылдан кийинки тагдыры, варианттары.
5. Алгачкы манасчылар жөнүндө маалымат.
6. С.Орозбаков менен С.Каралаевдин өмүрү, чыгармачылыгы.
7. “Үйрөнчүк манасчы” – эпостогу көпчүлүккө жайылтуучулар.
8. Манастын жети осуяты
9. Манас менен Алмамбеттин достугу
10. Көз каман жана Көкчө көздүн окуясы.
11. Кыргылчал менен Кырк чоронун окуясы.
12. Кичи КазаТ.
13. Кырк чоро – ар башка улуттардан чогулган баатырлар.
14. “Манас” эпосунун өзөктүү темасы – согуш.
15. Каныкейдин образы – кыргыз аялдарынын символу.
16. Манасчылар.
17. Жомоктун негизги окуялары.
18. Манас менен Алмамбеттин достугу.
19. Изилдөөчүлөрдүн эпостун жаралышы жөнүндө ойлору.
20. “Манас” эпосунун алгачкы кагаз бетине түшүшү.
21. Манасчылардын эпосту айтуу жөндөмдүүлүгүнө жараша бөлүнүшү.
22. Эпостогу негизги окуялар
23. Терс каармандар системасы
24. Эпостогу алгачкы изилдөөлөр.
25. Көкөтөйдүн ашы – улуттук ар – намыстын биримдиги.
26. Алмамбеттин окуясы.
27. Жолой менен Кошойдун күрөшү.
28. “Манас” эпосун жазуу иштеринин башталышы.
29. Бээжинге Манастын хан болушу
30. Манас – 1000 жылдыгы жана аны белгилөө иш чаралары.
31. Манас гимни
32. Достук темасы – эпостун негизги темаларынан.
33. Манастын жети осуяты
34. Манастын жарадар болушу.
35. “Манас” эпосу – скульптурада.
36. “Манас таануу” сабагы жөнүндө жалпы маалымат.
37. Сабактын максаттары.
38. “Манас” эпосунун алгачкы кагаз бетине түшүшү.
39. Эпостогу алгачкы изилдөөлөр.
40. “Манастын” дүйнөлүк эпостордон алган орду.
41. Изилдөөчүлөрдүн эпостун жаралышы жөнүндө ойлору.
42. “Манас” эпосун жазуу иштеринин башталышы.

43.Манасчылар.
44.Манасчылардын эпосту айтуу жөндөмдүүлүгүнө жараша бөлүнүшү.
45.Манасчылардын административдик бөлүнүштөрү.
46.Эпостун варианттары
47.Жомоктун негизги окуялары.
48.Достук темасы – эпостун негизги темаларынан.
49.Манас менен Алмамбеттин достугу.
50.Кырк чоро – ар башка улуттардан чогулган баатырлар.
51.“Манас” эпосунун өзөктүү темасы – согуш.
52.Кыргыздардын армия түзүлүшү.
53.Бээжинге Манастын хан болушу.
54.Каныкейдин образы – кыргыз аялдарынын символу.
55.Көкөтөйдүн ашы – улуттук ар – намыстын биримдиги.
56.Жолй менен Кошойдун күрөшү.
57.Кичи Казат.
58.Алмамбеттин окуясы.
59.Манастын жарадар болушу.
60.Манастын керээзи.
61.Баатырдын өлүмү.
62.“Семетей” – эпостун экинчи бөлүмү.
63.Ички душмандар менен болгон согуш.
64.Каныкейдин Тайторуну чабышы.
65.Семетейдин Таласка келиши.
66.Айчүрөктүн образы.
67.“Семетей” – эпосунун жыйынтык окуялары.
68.“Сейтек” – үчилтиктин акыркы бөлүмү.
69.“Сейтек” эпосунун варианттары.
70.Кыяс – эпостогу терс каарман
71.Күлчоро – Алмамбеттин ишин улантуучу.
72.Дастандын негизги окуялары.
73.“Манас” – үчилтиктин китеп кылып басуу иштери.
74.Манас – 1000.
75.Манастын жети осуяты.
76.Эпостун чет өлкөдөгү котормолору.
77.“Манас” эпосу – кинодо.
78.“Манас”  терминининин дүйнө жүзүндө кездешиши.
79.Азыркы эпостун абалы.

**«Манастаануу» сабагынан модулдук тест:**

1. Манас минген алгачкы ат (жылкы)

а) Тайбуурул б) Айманбоз
в) Аккула г) Алгара

2. Кыргызды чаап алган, бирөөнү Алтайга, бирөөнү кангайга, бирөөнү эренге, бирөөнү тереңге түшүргөн кытай ханы

а) Алооке хан б) Эсен хан
в) Көзкаман г) Жолой

3. «Өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн чыккан өрт жаман» кимге тийешелүү айтылган макал

а) Көкөтайдын уулу б) Көзкамандар
в) Чубак г) Алманбет

4. Кылжейрен кимдин тулпары

а) Манастын б) Сыргактын
в) Чубактын г) Алманбеттин

5. Санаамдан кеткис чыр кылдың,

Сан караны миң кылдың
Аты жокко ат берип,
Тону жокко тон берип,
Картайып калган кезимде,
Мүшкүлдү мага сен кылдың,
Кайнаган түмөн мал кайда?
Өңдүрлүү Алтай жер кайда?
Кабыргалаш турчу элек, кара кытай эл кайда?
Кармап сойду ээмди,
Чыгардың капкайдагы кегимди,
Кетирдин жаман алымды,
Алтайдан күткөн сан кара,
Сен талаага чачтың малымды.
Ушул саптар кимге карата айтылган?

а) Алманбетке б) Манаска
в) Серекке г) Кошойго

6. Алманбеттин атасы ким болгон?

а) Эсен хан б) Көкчө баатыр
в) Коңурбай г) Азиз хан

7. «Узун чачтын ыктуусу, ургаачынын мыктуусу, бул өңдөнгөн жан болбойт, Каныкейди албасаң, сенин ишиң оң болбойт», - деп Манаска Каныкей туурасында биринчи ким айтып келет.

а) Чубак б) Жакып
в) Сыргак г) Алманбет

8. «Кызыл түктүү пил экен, кыраакы эрдин бири экен, алыскы ишти ойлогон, акылмандын бири экен», «Жолдо калган бир жанмын, чылбырым үзгөн тулпармын, ой жетпеген иш издеп, оң караган киши издеп, ооп жүргөн бир жанмын», сөз ким жөнүндө болуп жатат?

а) Алмамбет б) Бакай
в) Чубак г) Азиз хан

9. «Манас» эпосун сегиз урпагына чейин айткан манасчы

а) Сагымбай Орозбаков б) Саякбай Каралаев

в) Жусуп Мамай г) Талантаалы Бакчиев

10. «Алты батман буудай жеп, дан жыттанган, алтымыш алпты бир союп, кан жыттанган» ким?

а) Кошой б) Жолой

в) Конурбай г) Нескара

Жооптор: 1) б 2) а 3) б 4) г 5) б 6) г 7) а 8) а 9) в 10) б

Негизги адабияттар

1.“Манас” энциклопедиясы. – Б., 1-2-том. 1995. https://ky.wikipedia.org/wiki/%22
2. С.Байгазиев “Манастаануу” Б.,2011
3. Б.Турал, Т.Тургуналиев “Манас” боюнча хрестоматия.,2013
4. Т.А.Бакчиев “Манасчылар”, Б.,2010
5. А.Жакыпбек “Теңири Манас”, Бишкек “Кыргызстан”,1995 http://kitepkana.kg/
7.“Манас” эпосу (С.Каралаевдин варианты) Ф.,Кыргызстан1984 https://ky.wikipedia.org/wiki/
8. А.Максүтов “Айкөл Манас баяны” Б.,2014
9. Б.А.Каримова «Манастаануу», Б,2012
10. Улуу манасчы Сагымбай, Казалдар, эскермелер, иликтөөлөр Б.,1992 http://archive.kg/news/news_of_service/manaschi-doc158.html
11.Акматов Б.Мекенди коргоо- ыйык милдет.1995.
12. А.Асанканов, Н.Х.Бекмухамедова.“Акындар жана манасчылар кыргыз элинин руханий маданиятын түзүүчүлөр жана сактоочулар”.– Б.,1999

**Кошумча адабияты:**

1. Кыргыз элинин маданий, адабий мурастарынын коомдук маанисинин түбөлүктүүлүгү.
2. Элдик фольклор жана этнопедагогикалык тарбия.
3. «Манас»- руханий маданияттын улуу мурасы.
4. Эпикалык чыгарманын жаралышына өбөлгө болгон тарыхый окуялар.
5. Кыргыз мамлекеттүүлүгү «Манас» эпосунун контекстинде.
6. Акындар, манасчылар – руханий маданиятты сактоочулар.
7. Манасчылык өнөр. https://kmb3.kloop.asia/2010/02/08/manaschylyk-n-rb-zhe-ildetpi-zhe-manaschylyk-n-rd-g-kupuya-syrlar/
8. С. Орозбаковдун өмүрү жана чыгармачылыгы. https://new.bizdin.kg/person/sagymbay-orozbakov
9. Таланттуу айтуучу С. Каралаев. https://sputnik.kg/reference/20161207/1030647194/sayakbaj-karalaev-omur-bayany.html
11. Чүйлүк манасчылардын мектеби. https://kmb3.kloop.asia/tag/manaschylar/
12. Ысык – Көлдүк манасчылардын мектеби. https://kmb3.kloop.asia/tag/manaschylar/
13. Тянь – Шандык манасчылардын мектеби. https://kmb3.kloop.asia/tag/manaschylar/
14. «Манас» эпосун жарыялоо, басып чыгаруу тарыхы. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/93599?cl=ky-kg
15. «Манас» эпосунун башка элдердин тилдерине которулушу жана дүйнө элдеринин адабиятындагы орду. https://www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan-51167132